кырг.
2018-13

Б. ЕЛЬЦИН ат. КЫРГЫЗ-ОРУС СЛАВЯН УНИВЕРСИТЕТИ

Н. ИСАНОВ ат. КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК КУРУЛУШ, ТРАНСПОРТ ЖАНА АРХИТЕКТУРА УНИВЕРСИТЕТИ

**Д. 05.17.563 Диссертациялык кеңеши**

Кол жазма укугунда
УДК 72. 01

**ВОЛИЧЕНКО ОЛЬГА ВЛАДИМИРОВНА**

# АВАНГАРДДЫК АРХИТЕКТУРАНЫН КОНЦЕПЦИЯСЫ

05.23.20 - архитектуранын теориясы жана тарыхы, тарыхый-архитектуралык мурастарды реставрациялоо жана реконструкциялоо

**архитектуранын доктору илимий даражасын изденип алуу үчүн жазган диссертациясынын**

**АВТОРЕФЕРАТЫ**

**БИШКЕК-2017**

Эмгек Б. Ельцин ат.Кыргыз-Орус Славян университетинин АДКФ «Архитектура» кафедрасында аткарылган.

**Илимий консультант:** архитектуранын доктору, профессор Өмүралиев Дүйшөнбек Жунушевич

**Расмий оппоненттер:** архитектуранын доктору, профессор Самойлов Константин Иванович

архитектуранын доктору, профессор Сабитов Алим Равильевич

архитектуранын доктору, доцент Смирнов Юрий Николаевич

**Алдыңкы уюм:** «Казань мамлекеттик архитектуралык-курулуш университети» (КМАКУ), ЖБ ФМББББ Татарстан Республикасы, Казань ш., Зеленая көч.1

Коргоо «15» декабрда 2017-ж. саат 14:00дө Б. Ельцин ат. Кыргыз-Орус Славян университетинин жана Н. Исанов ат. Кыргыз мамлекеттик курулуш, транспорт жана архитектура университенин Д. 05.17.563 диссертациялык кеңешинин отурумунда, Бишкек, Анкара көч., 2 дареги боюнча өтөт.

Диссертация менен Б. Ельцин ат. Кыргыз-Орус Славян университетинин жана Н. Исанов ат. Кыргыз мамлекеттик курулуш, транспорт жана архитектура университенин китепканаларында тааныша аласыздар.

Автореферат жөнөтүлгөн «11» ноябрь 2017-ж.

Д. 05.17.563 диссертациялык
Кеңешинин окумуштуу катчысы, арх.к. Тургумбекова Э. З.

## КИРИШ СӨЗ

XX к. аягында – XXI к. башында кесиптин өзүндө, ошондой эле архитектуралык ой-жүгүртүүдө бир катар өзгөрүүлөрдү коштогон авангарддык архитектуранын идяларын өнүгүүсүнүн жаңы ыргагы байкалган. XX к. башында авангард үчүн мүнөздүү болгон доордук жаңы жаралуу, чыгармачылыкта жаңы мамилелерди жөнгө салуучу, жаңы эстетикалык идеалдар жана форма түзүүнүн жаңы принциптери, илимий-техникалык жетишкендиктерге таянган, көбүрөөк үчүнчү миң жылдыктагы архитектуралык авангардка тиешелүү. Архитектуранын багыттуулугу чебердин образдуулук, натыйжалуулук, көркөмдүк жана таанымалдуулук кол-белгиси глобалдуу өзгөчөлүктөргө ээ болот. Алгачкы авангардда түптөлө баштаган чыгармачыл агымдардын көп полярдуулугу жаңы мезгилди айырмалоочу белгиси болуп калууда. Учурдагы авангарддык архитектура көптөгөн ар түрдүү багыттардан турган, локалдык мектептерден, жеке чыгармачыл концепциялардан жана башкалардан түзүлгөн татаал жана ар тармактуу системаны түзөт. Эгерде мурда архитектуралык терминологияны аныктоодо архитектуралык теория үчүн гомогендүүлүк жана редукционизм мүнөздүү болсо, азыркы учурда бирдиктүү, бүткүл өтүп жаткан кубулуштарды камтыган жана түшүндүргөн бардык кесиптик бирикмелер тарабынан кабыл алынган терминдердин системасы жок. XXI кылымдын архитектурасында өзүнчө кандайдыр бир приоритеттүү багытты баса белгилөө мүмкүн эмес, архитектурадагы жаңы феномендин объективдүү жыйынтыгы болгон концепциялардын жарыш көп тең баалуулугу стилдик плюрализмди мүнөздөйт.

Бүткүл дүйнөнү камтыган глобализм архитектуралык чыгармачылыкта бардык жер шары боюнча кыска мөөнөттүн ичинде бири-бирин корреспондирлегенге алып келди жана мейкиндик чек араларга ээ эмес. Кардиналдуу өзгөрүүлөр жеке эле техникада, илимде же өндүрүштүн ар түрдүү тармактарында эмес, ошондой эле архитектуранын ичинде өтүүдө. Жаңы авангарддын архитектурасы өзүнчө бир күзгү катарында чыгармачыл изденүүнүн карама-каршы жыйынтыктарын көрсөтүү менен теоретикалык дискурстун багытын чагылдырат. Жүрүп жаткан өзгөрүүлөр архитектураны түптөөнүн жолдорун жана өнүгүүнүн логикасын түшүнүү үчүн ар тараптуу анализдөөнү жана терең теоретикалык изилдөөнү талап кылат.

**Изилдөөнүн актуалдуулугу** глобализм идеяларынын экспансия жана маалыматтык технологиялар, жаңы ультразаманбап материалдардын жана техникалык каражаттардын пайда болуу учурунда жана авангарддык архитектуранын айрым парадоксалдуу багыттарынын жалпыланышы жана теоретикалык түшүнүүнүн зарылдыгы менен берилет. Бейсалттуу стратегияны жана форма түзүүнүн принциптерин, өзгөчө бир өнүккөн авангарддык архитектуранын заманбап инновациялык изденүүлөрдүн маанилүүлүгүн аныктоодо зарылдык пайда болот. Авангарддык идеяларды ишке ашырууга архитектуралык моделдөөнүн инновациялык методдор жана компьютердик технологиялар мүмкүндүк берет.

Негизги концептуалдык агымдарды аныктоо архитектуралык илимге жаңы мезгилдин авангард дүйнөсүнүн татаал сүрөтүн түшүнүүгө жана элестетүүгө мүмкүн болгон зарыл теоретикалык материал берет жана анда жеңил багыт алганга мүмкүндүк берет. XXI кылымдын архитектурасында көзгө көрүнгөн

мааниге ээ, өзгөчө жаңы идея өзгөчөлүктү изилдөө архитектуралык композициялардын классикалык категориялары жана форма түзүү методдору менен толук ажырашы жөнүндө айтат, бул болсо архитектуралык теориянын негизги жоболорун кайра карoo зырылдыгына алып келди. Изилдөөнүн актуалдуулугу ошондой эле жаңы авангард архитектуранын генезиси жеткиликтүү изилденегендиги менен аныкталат, чет элдик, ошондой эле ата мекендик аналитикалык эмгектерде системалуу жалпылоо, XXI кылымдын башындагы авангарддык архитектуранын концептуалдык агымдарынын классификациясы жана интеграциясы менен байланышкан суроолорду карoo менен шартталган. Берилген көйгөйдүн анализи изилдөө буюмуна болгон мамиле боюнча убактылуу аралыктын жоктугу, чек аралардын так эместиги жана кесиптик терминологиянын бүдөмүгү менен татаалдашат.

**Диссертациянын темасынын ири илимий программалар, негизги илимий-иштер менен болгон байланышы.** Берилген иш «2013-2017 –жылдар аралыгында Кыргыз Республикасын туруктуу өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясынын» жана Кыргыз-Орус Славян университетинин архитектура, курулуш жана дизайн факультетинин «Тоолуу Кыргызстандын шартында архитектуранын теориясы жана тарыхы, дизайны жана курулушу» илимий-изилдөө ишинин алкагында аткарылган.

**Диссертациянын изилдөө предмети** болуп архитектурада стиль түзүүчү инновациялык өзгөрүүлөрдү кыймылдатуучу авангарддын чыгармачыл концепциялары эсептелет.

**Изилдөөнүн объектиси** болуп авангарддык издөөнү чагылдырган XXI кылымдын жаңы архитектуралык имараттары, курулуштары жана комплекстери, жаңы форма түзүүнүн жаңы методдору, конструктивдүү чечимдер эсептелет.

**Изилдөөнүн чектери** XXI кылымдын экинчи он жылдыгынын ортосуна чейин архитектуранын авангардын камтыйт, өз кезегинде ички архитектуралык-типологиялык өзгөрүүлөрдү чакырган, искусстводо, техникада жана илимде болуп өткөн, анын өзгөрүүсүнө болгон таасирлерди жана кыймылдарды карайт. Изилдөөнүн мейкиндик чектери Американын, Европанын, Жакынкы Чыгыштын, Түштүк-Чыгыш Азиянын ж.б., өлкөлөрдүн кеңири тизмесин камтыйт, архитектурадагы жана аймактык чектердеги «глобалдык революция» тууралуу күбөлөндүрөт. Авангарддык архитектуранын идеяларын ишке ашыруунун өзүнчө бир эксперименталдык аянтына Персия булуңунун өлкөлөрү – БАЭ, Саудовиялык Аравия, Катар, Бахрейн, Кувейт айланганын белгилей кетүү керек. Бул орбитага ошондой эле Борбордук Азия өлкөлөрү жайбаракат кошулушкан.

**Иштин максаты**: азыркы замандын авангарддык архитектурасынын чыгармачылык концепциясынын маанисин бүтүндөй көркөм кубулуш катары, илимде жана искусстводо эксперименталдык издөө жана ордун басуучулук өнүгүүнүн байланышын илимий негиздөө, алардын баалуулугун архитектуранын эволюциялык өнүгүүсүндө аныктоо.

Көрсөтүлгөн максатка жетүү төмөнкүдөй бир катар **маселелерди** чечүүнү талап кылат:

– авангарддык архитектуранын заманбап архитектуралык концепцияларынын тарыхый-теоретикалык өбөлгөлөрүн аныктоо;



– авангарддык архитектуранын жаңы этабын анын концептуалдык жаңылыгы жана өнүгүүнүн көп векторлуулугу көз-карашында мүнөздөө;

– искусстводогу, техникадагы, илимде жана архитектурадагы теоретика-концептуалдык идеялардын жана ачылыштардын өз ара байланыштардын көп катмарлуулугун жана көп пландуулугун аныктоо;

– типологиялык өзгөрүүлөрдү анализдөө жана авангарддык архитектуранын жаңы типтерин аныктоо;

– Борбордук Азиянын архитектурасындагы жаңы дүйнөлүк тенденцияларын пайда болушун изилдөө.

**Илимий жаңылык**:

– эрте жана жаңы авангарддын чыгармачыл концепцияларын өнүктүрүүнүн өз ара өтүүлөрүн жана өз ара байланышын аныктоодо, XXI кылымдагы архитектуранын көйгөйлөрүн аныктоо жана окуп-үйрөнүүдө камтылган;

– заманбап искусствонун идеяларынын таасири астында пайда болгон, авангарддык архитектуранын жаңы архитектуралык концепциялары биринчи жолу каралууда жана сунушталууда;

– биринчи жолу техникалык жана технологиялык инновациялардын таасири астында түптөлгөн жаңы авангарддык архитектуранын концепциялары орнотулган жана түптөлгөн. Искусство, техника жана архитектураны бириктирген синтетикалык концепциялардын болуусу анализдеген;

– архитектуралык объекттердин типологиялык өзгөрүүлөрү жана жаңы типтери аныкталган, алардын негизги мүнөздөмөлөрү берилген;

– архитектуралык формаларды түзүүнүн принциптери жана методдору авангарддык архитектуранын концепциялары менен алардын логикалык өз ара байланыштары түптөлгөн;

– биринчи жолу архитектуралык авангарддын жаңы концепцияларынын систематизациясы аткарылган;

– Борбордук Азиянын архитектурасын түптөөдө дүйнөлүк архитектуралык тенденциялардын таасирин негиздөө.

**Алынган жыйынтыктардын практикалык жана теоретикалык маанилүүлүгү.** Диссертациянын теоретикалык мааниси системалаштырылган курамдоонун жана иерархиялуу көркөм-инновациялык концептуалдык иштелмелерди уюштуруунун негизинде архитектуралык парадигманы өнүктүрүү багыттарын аныктоодон турат.

Эмгек авангарддык архитектуранын концепцияларын, форма түзүүнүн принциптерин жана Борбордук Азиянын жаңы архитектурасын окуп-үйрөнүү жана анализ үчүн чоң мааниге ээ болгон архитектурадагы жаңы багыттарды кеңири изилдөөгө мүмкүндүк берет. Изилдөөнүн жыйынтыктарынын практикалык мааниси - жаңы тарых жана архитектуранын теориясы боюнча эмгектерде жана «Архитектура», «Архитектуралык чөйрөнүн дизайны» жана «Шаар куруу» адистиктери үчүн теория жана окуу адабияты катарында колдонуу зарылдыгында турат.

Эмгек архитекторлорго концепциялардын теоретикалык аныктамаларын, архитектуралык авангарддын форма түзүү принциптерин жана методдорун

колдонуу менен архитектураны өнүктүрүүнүн заманбап багыттарында жеңил багыт алганга мүмкүндүк берет. Диссертациялык изилдөөнүн өзүнчө идеялары архитекторлор, дизайнерлер жана реставраторлор тарабынан долбоорлоо ишмердүүлүгүндө практикалык колдонулушу мүмкүн.

Алынган жыйынтыктардын **экономикалык маанилүүлүгү** мындан ары илимий–теоретикалык иштелмелерде жаңы архитектураны өнүктүрүү көйгөйлөрүнүн анализинде колдонуу эсептелет. Изилдөөнүн жыйынтыктары долбоорлук ишмердүүлүктө социалдык-экологиялык көйгөйдү терең өнүктүрүүгө, андан ары туруктуу архитектуранын принциптерин киргизүүгө жана Кыргызстанда жаңы архитектурага болгон коомдук кызыгууларды жогорулатууга түрткү болот. Изилдөөнүн жыйынтыктары лекциялык сабактарды, окуу-усулдук колдонмолорду жана жаңы архитектуранын тарыхы жана теориясы боюнча китептерди даярдоодо талап кылынат. Диссертациянын айрым жоболорун жана тезистерин иш жүзүндө иштеген архитекторлор колдоно алышмакчы.

**Коргоого коюлуп жаткан негизги жоболор.** Автор негиздеменин актуалдуулугун, жаңылыгын, тактыгын, натыйжалуугун, төмөндөгү жоболордун жана эмгектин илимий жыйынтыктарынын практикалык маанилүүлүгүн коргойт:

– авангарддык архитектуранын мурда болгон жана сунушталган чыгармачыл концепцияларын түптөө жана систематизациялоо;
– XXI кылымдын авангарддык искусствонун чыгармачылык концепцияларында, архитектуралык форма түзүүнүн логикасында байкалган идеялардын өтүүмдүүлүгү жана өнүктүрүү тууралуу жобо;
– инновациялык технологиялардын жана жаңы конструктивдик иштелмелердин соңку жетишкендиктердин негизинде авангарддык архитектуранын негиздөөсүнүн жана моделдөөчү формасынын, теоретикалык концепцияларынын анализи;
– XXI кылымдагы архитектуралык типологиянын трансформациясы;
– Борбордук Азиядагы өлкөлөрдөгү авангарддык архитектуранын өзгөчөлүктөрү.

**Изденүүчүнүн жеке салымы** изилдөөнүн бардык бөлүмдөрүндө түздөн-түз катышуусу, адабий булактардын анализин өткөрүүдө, алынган жыйынтыктарды анализдөөдө жана интерпретациялоодо, жыйынтыктарды сынап көрүүдө, эмгектин темасы боюнча басылмаларды жана баяндамаларды даярдоодо турат.

Автор берилген тематика боюнча илимий-изилдөө жана долбоорлук иштелмелердин жоопту аткаруучусу болуп эсептелет.

**Эмгекти сынап көрүү.** Диссертациянын негизги жоболору бир катар илимий макалаларда, «Жаңы архитектуранын чыгармачыл концепциялары» (2013) монографияда, ошондой эле Д. Д. Өмүралиев менен биргелешкен - «Жаңы архитектуранын мейнстримдери – жыйырма биринчи кылым (авангарддык архитектура, техницизмдин архитектурасы, мегаландшафтык архитектура, квазиархитектура, жаңы тарых)» (2013) монографияда басылып чыккан. Изилдөөнүн негизги тезистери 2008-ж.дан 2017-ж. чейин 20 эл аралык жана республикалык жождор аралык илимий-изилдөө конференцияларда, анын ичинде Бишкекте, Алматыда, Душанбеде, Москвада, Екатеринбургда, Новосибирскте, Курганда өткөн илимий конференцияларда жана симпозиумдарда, ошондой эле 27-марттан 5-апрелге чейин Прагада (Чехия) өткөн «Илим күндөрү– 2014» эл аралык илимий-практикалык конференцияда баяндалган.Диссертациянын жоболору КМКТАУда жана КОСУда аткарылуучу окутуунун лекциялык жана практикалык курстардын программасына, архитектуралык долбоорлоого, курстук жана дипломдук долбоорлоого, кандидаттык диссертацияларды аткарууга кирген.



Диссертациянын базалык теоретикалык тезистерин сынап көрүү автордун лекциялык сабактардын курсун өткөрүүдөгү педагогикалык практика процессинде болуп өткөн:«Архитектура»,«Архитектуралык чөйрөнүн дизайны», «Шаар куруу» жана «Архитектуралык мурастарды реставрациялоо жана реконструкциялоо» бакалавр жана магистрлер багытындагы студенттер үчүн «Архитектуранын, шаар куруунун жана дизайндын тарыхынын жана теориясынын заманбап көйгөйлөрү», «Архитектуралык форма түзүүнүн принциптери», «Заманбап архитектура чеберлеринин концепциялары», «Долбоорлоонун методологиясы», «Долбоорлоо алдындагы жана долбоорлоо анализинин методикасы».

**Диссертациянын жыйынтыктарын басылмаларда толук чагылдырылышы.** Диссертациянын темасы боюнча КР ЖАК президиуму тарабынан бекитилүүчү рецензирленген илимий басылмалардын Тизмесине кирген илимий басылмаларда 26 макалалар жана 2 монографиялар (422 балл) басылып чыккан.

**Диссертациянын курамы жана көлөмү**.Диссертация кириш сөздөн, төрт главадан, кортундудан, колдонулган адабияттардын тизмесинен жана тиркемелерден турат. Диссертациянын тексти 240 бетке баяндалган, колдонулган адабияттардын тизмеси 281 аталыштан, анын ичинде 71 чет тилдеринде берилген. Тиркеме 94 беттен турган чиймелерден, схемалардан, таблицалардан, сүрөттөрдөн түзүлгөн иллюстративдик бөлүмдү камтыйт.

## ЭМГЕКТИН МАЗМУНУ

**«Заманбап архитектуралык авангарддын актуалдык көйгөйлөрү» аталышындагы биринчи главада** жаңы архитектуранын теоретика-концептуалдык жоболорунун генезиси анализденген, аталган иште шарттуу 2 чоң бөлүмдөрдү белгилесе болот – биринчиден, авангарддын тарыхына арналган иштер, экинчиден, XXI кылымдын жаңы архитектурасынын ар түрдүү тараптарын жана көйгөйлөрүн кароочу басылмалар жана изилдөөлөр. XX к. аягында жана XXI к. башында Борбордук Азиянын архитектурасында форма түзүүнүн суроолорун көтөрүүчү аналитикалык иштердин өзүнчө тараптарын изилдөө түздү. Модернизмдин авангарддык багыттары салттуу формаларды жана эстетиканы толугу менен четке кагып, келечекке умтулган таза жана жөнөкөй геометрикалык формалар, сызыктар жана тегиздиктер жаңы эстетикалык идеалдарды сунушталы. Жаңы искусствонун теоретикалык негиздемесинин пайдубалы XX к. башындагы «орус авангардынын» бир катар чеберлери тарабынан түптөлгөн:К. Малевич, В. Татлин, В. Кандинский,

А. Веснин, Н. Ладовский, А. Родченко, К. Мельников, И. Леонидов, Л. Попова, А. Экстер, Л. Лисицкий, М. Гинзбург ж.б. Батыш авангардында жаңы архитектуралык форманын касиетин изилдөө «гештальтпсихологиянын» алкагында өнүккөн (Баухаус – В. Гропиус, П. Клее, Х. Мейер, Мис ван дер Роэ ж.б.эмгектеринде) жана «формалдуу мектептин» (Г. Вёльфлин, А. Ригль, А. Бринкман, А. Гильдебрандт, П. Франкль, Г. Зедльмайер, ошондой эле Э. Панофский, М. Дворжак ж.б.). Гештальтпсихологияда өзгөчө көңүл бүтүндүк көйгөйлөргө, кабыл алуунун өзгөчөлүктөрүнө жана мейкиндик-образдык курамдарды уюштурууга бурулган. Формалдуу мектептин өкүлдөрү, алардын бардык айырмачылыктарында көркөм форманын формалдуу-курамдык аспектинин абсолютизациясы бириктирген. 20-жылдардын авангарддык архитектурасынын идеялары төмөндөгү авторлордун эмгектеринде тыкыр изилденген: Дж. Боулт, Ж.-Л. Коэн, А. Коппа, В. Квиличи, Ф. Купер, Дж. Голдинг, К. Рашберг, Р. Краусс, В. Э. Хазановой, А. А. Стригалева, Е. А. Бобринской, С. О. Хан-Магомедова, А. В. Иконникова, А. Накова, Н. Н. Лунина, А. С. Шатских, Д. В. Сарабьянова, Н. Автономова, Е. В. Сидорина, И. А. Азизян, А. В. Курсанова, А. Н. Лаврентьева, А. Фоменко, И. Чубарова, Ф. Ковтуна, Д. О. Швидковского ж.б. Форма түзүүнүн авангардык концепцияларынын архитектуралык ишмердүүлүктүн ар түрдүү аспектерине болгон таасирин изилдөөнү Т. В. Балицкая, Л. Жадова, Н. В. Воронов, Т. Н. Бытачевская, А. П. Моргунов, Е. А. Лазарева, М. Н. Цветаева, Э. В. Данилова ж.б. улантууда. XX к. экинчи жарымында архитектуралык практиканы өнүктүрүүнүн генезиси жана контурлары Ч. Дженкс, К. Фрэмптон, Д. Окман, М. Хейс, Р. Краусс, П. Рестани, М. Аупингдын теоретикалык эмгектеринде жалпыланган. Новатордук концептуалдык-көркөм идеялардын түпкү теги жана форма түзүүнүн мүнөзүнүн өзгөрүүсү М. Таффури, К. Роу, Э. Уидлера, Б.Коломины, М. Уигли, Э. Видлердин изилдөөлөрүндө анализденген. Архитектуралык агымдардын түзүлүү мыйзамченемдүүлүгүнүн анализи жана форма түзүүнүн көйгөйлөрү, кылым тогошуунун чегинде жаңы көркөмдүк формаларды издөөнү А. Рябушин, А. Шукурова, А. В. Иконников, А. Г. Раппапорт, В. Л. Хайт, Г. Ю. Сомов карап чыгышкан.

Жаңы архитектурадагы ири тарыхый кубулуш сыяктуу авангарддык архитектура кайрадан стилдик багыттуулукту, форма түзүүчү приоритеттерди жана эстетикалык баалуулуктарды талап кылууда. Учурда актуалдуу болуп жаңы архитектураны түзүүчү авангардын аныктоо эсептелет, анткени анда баарынан мурда заманбап чыгармачыл көйгөйлөр байкалууда. XX к. авангард искусствосу кайрадан заманбап концептуалдык курулмалардын булагы жана бирден-бир себеби катарында өзүнө изилдөөчүлөрдү тартууда. Авангарддык архитектуранын тарыхчысы С. О. Хан-Магомедов адилеттүү белгилегендей, «дээрлик ар өлкөлөрдүн заманбап архитектурасында тигил же бул даражада 20-жылдары жаралган элементтер орун алган». Ошону менен 20-жылдардагы орус архитектурасында өзгөчө орун XXI к. дүйнөлүк авангарды түптөөдө форма түзүүчү процесстер глобалдык мүнөзгө ээ шарттарында берилген, ал эми маалыматтык каражаттар чыгармачыл идеялар жана долбоорлук иштелмелер менен моменталдуу алмашууга мүмкүндүк берет. Бул болсо 20-жылдардагы орус архитектурасы батыштыктан айырмаланып, 30-жылдардагы советтик



архитектуранын радикалдуу өзгөрүлмөлүү курсу менен байланыштуу форма түзүүчү өз потенциалын жоготкон эместиги менен түшүндүрүлөт. Ошондуктан ишке ашырылбаган советтик авангарддын мурасы архитектурадагы жаңы авангардда өз чагылдырылуусун тапкан кубаттуу форма түзүүчү импульстардын булагын түзөт.

Батыш авангардына каршылаш, өзүнүн көркөм умтулууларын чектөөчү техниканын фетишизациясы менен (имараттын сырткы формасы функционалдык-конструктивдик маселелерди чечүүнүн жыйынтыгы катарында пайда болгон), советтик авангардда архитектураны түптөөдө көркөм-мейкиндик касиеттерди өнүктүрүүгө өзгөчө көңүлдү бурууда жарыш концепциялар жана берилген процессте инженердик көйгөйлөргө баса белгиленген баш нйген жобо болгон. Бул архитектуралык агымдар арасындагы айырмачылыктар форма түзүүнүн жалпы процессиндеги кандайдыр бир факторду (функциялар, конструкциялар, эстетикалар, кабыл алуу психологиялары ж.б.) четке кагуудан эмес, аларга бөлүнгөн ролдордун катышынан турат. Форма түзүүнүн илимий көйгөйлөрү менен рационализмдин, ошондой эле конструктивизмдин өкүлдөрү алектенишкен. Бирок, эгерде биринчилер негизинен өз көңүлүн куруунун мыйзам ченемдүүлүктөрүн аныктоо, кыймылдуу жана кыймылсыз форманы кабыл алуунун өзгөчөлүктөрүнө бурушса, экинчилер форма түзүүгө экономикалык, утилитардык-конструктивдүү жана психофизикалык факторлордун таасирине бурушкан.

Жаңы авангардда, ошондой эле 20-жылдардагы орус авангардында чоң орунду дүйнөнү жаңы таануунун жыйынтыгында пайда болгон жаңы архитектуралык формаларды издөө ээлейт. Форма түзүүнүн концепциялары ошондой эле экиден ашуун мүнөздүү уюлдарда кыймылдайт – конструктивдүү-техникалык (инженердик ыкманын басымдуулугу) жана көркөм образдык (живопистин, скульптуранын, дизайндын таасири), бири-бирин карап турбаган, бирок бири-бирин өз ара толуктап жана байыткан жагдайда. Авангарддык архитектуранын негизги белгилери болуп имараттардын жана конуштардын жаңы типтери пайда болгондугу, экологиялык көйгөйлөрдү архитектуранын каражаттары менен чечүү жана образдардын жана формалардын жаңы эстетикасын түзүү эсептелет. XXI к. авангарддык архитектуранын форма түзүү концепцияларын түшүнүүдө жана анализдөө алгылыктуу ролду философия жана маданият таануу боюнча Ж. Деррида, Ф. Джеймсона, М. П. Фуко, Ф. Гваттари, Ж. Делёза, А. Н. Уайтхэда, Ж. Лакана, Ж. Бодрийяра, Ю. Дамиша, И. П. Ильина, Н. Б. Маньковской, К. Чухрова, В. А. Подороги, Т. Ю. Николенко, М. Я. Ямпольского, Ш. М. Шукурова, С. С. Ванеяна, В. П. Бранскийдин эмгектери ойнойт. Жаңы архитектуралык концепциялар үчүн илимий-методологиялык негиз болуп, ошондой эле теоретикалык иштелмелер кызмат кылышты: Г. Хакен, И. Пригожин, Б. Мандельброт, П. Сондерс, Р. Том, Э. Лоренца, Б. Массуми ж.б. Г. Хакен тарабынан сунушталган синергетикалык парадигма бардык болуп жаткан кубулуштарды жана жалпыдан тетиктерге, тескерисинче эмес ар кандай системанын жүрүш-турушун кароого мүмкүндүк берет. Кылымдардын тогошуусунда санариптик технологияларга негизделген жана философиялык негиздемеге ээ формаларды куруунун альтернативдүү методдорду камтыган жаңы сызыктуу эмес стилдин

апологеттерин жаңы парадигманы Ч. Дженкс, жаңы архитектуранын форма түзүүнүн постулаттарын иштеп чыккан Г.Линн коргогон. Өзүн-өзү уюштуруу теориялары, системанын стабилдүүлүгү эмес, топологиялык жана сызыктуу эмес геометрия ж.б. архитектуранын батыш теоретиктеринин архитектуралык концепцияларында ишке ашырууга алынган П. Шумахер, П. Эйзенман, В. Митчелл, Дж. Кипнис, Б. ванн Беркель, С. Квинтер, С. Аллен, Б. Чуми, Л. Спайбрук, М. Новак, Г. Линн, С. Перелла, Я. Хантер, Р. Колхас, Дж. Ларнер, С. Бэлмонд, К. Оостерхёйз, Э. Зенгелис, Х. Лалвани, Т. Ито, П. Вирилио, М. де Ланда ж.б. Сызыктуу эмес архитектуранын жаратылышын жана терминологиясын И. А. Добрицына, С. Б. Поморов, А. И. Локотко жана В. Юзбашев изилдешкен. И. А. Добрицынанын диссертациясында өзгөчө көңүл форма түзүү процессинин курамын аныктоого, ошондой эле методдун сюжетин, техниканын, тактиканын, жаратылышын, архитектуранын форма түзүүнүн ыкмаларын, алардын теоретикалык концепциялары менен логикалык биригүүлөрүн изилдөөгө багытталган. Башка сөз менен айтканда, И. А. Добрицына архитектуралык-композициондук форма түзүүнүн позициясынан сызыктуу эмес мазмунун ачкан. В. Юзбашев өз макалаларында жаңы парадигманын принциптери боюнча түзүлгөн, объектердин функционалдык жана мазмундук мүнөздөмөлөрүнө көңүл бурган.

Заманбап архитектуралык долбоорлордун жана соңку убактарда ишке ашырылган курулмалардын анализинин негизинде, В.Юзбашев форма түзүүнүн жаңы грамматикасын жана жаңы архитектуранын геометриялык касиеттерин алып чыгууга умтулууда. Аталган теоретиктердин эмгектеринде XXI к. башында архитектурада пайда болгон чыгармачыл агымдардын көп түрдүүлүгү белгиленген, бирок алардын деталдуу систематизациясы конкреттүү ыкмаларды жана форма түзүүнүн методдорду аныктоо менен атайын изилденген эмес.

***Архитектуранын жаңы авангардын өнүктүрүүнүн моделин*** кайталангыз көп түрдүү чыгармачыл концепцияларды камтыган, глобалдуу форма түзүүчү багыттардын кеңири спектрин көрсөтүүчү татаал көп векторлуу жана көп деңгээлдүү системанын түрүндө элестетсе болот. **Учурдагы авангарддык архитектура –** ***бул үзгүлтүксүз өз ара аракеттешүү жана сырткы чөйрө менен алмашуу жүргөн, өзүнө илимий-техникалык жетишкендиктерди сиңирген, мейкиндик-экологиялык көйгөйлөрдү чечүүгө жана эрте авангарддын чыгармачыл потенциясын колдонуу менен жаңы форма түзүүчү иеяларды аткарууга мүмкүндүк берген ачык система.*** Эгерде мурдатан модернизм бардык тарыхый мураска алтернативдүү ыкманы бекитүү көйгөйүнө көңүл бурулган болсо, ал эми азыр болсо мындай зарылчылык жокко чыгарылган, бирок модернизмдин негизги принциби сакталган –мурдагы туруктуу канондорго чакырык ыргыткан жаңы көркөм, кээде архитектуранын провокациялык, эпатаждык тил каражаттарын издөө. XXI к. жаңы архитектуранын өнүктүрүүнүн заманбап этапын **«панмодернизм»** (жалпы, бардыгын камтыган модернизм) түшүнүгү менен билдирүү болот, чектелбеген потенциалдуу мүмкүнчүлүктөрдү аныктоо жана аларды замандап архитектуралык проблематиканын аспектерине таркатуу менен анда «классикалык» модернизмдин иштелмелери жаңы концептуалдык курулмалар менен жайылтылган. Бир жактан жаңы авангард универсалдуу субстраттардын



болгондугун табууда, экинчи жагынан ал көп учурда өткөнгө альтернативдүү болууда.

Өзүнчө кубулуштарды карoo жана архитектуралык форма түзүүнүн жаңы тилин түзүү же жаңы архитектурнын обзордук жана сүрөттөө мүнөздөмөлөрүн берүү менен изилдөөчүлөр учурдагы архитектуралык теорияда жана практикада өтүүчү масштабдуу өзгөрүүлөрдүн панорамасын жаратышкан.

Архитектурадагы топологиялык курамдарды жана параметрикалык форма түзүүнү иштеп чыгуу менен, форманын компьютердик грамматикасынын жаңы маалыматтык-технологиялык методдору куруу менен аларды долбоорлук архитектуралык ишмердүүлүктө колдонуу менен К. В. Бурлаков, В. Э. Волынсков, Э. Хайман, И. Карнаухов, А. В. Товстик ж.б. алектенишкен. XXI к. архитектуралык жана шаар куруу объекттердин формаларын түзүүнүн принциптерин жана мыйзам ченемдүүлүктөрүн фракталдык теориянын алкагында Е. В. Николаева, М. П. Кравченко изилдешкен. Заманбап долбоорлоонун теориясы жана технологиялары тармагындагы жаңы кубулуштардын суроолорун чечмелөө жана архитектуралык форма түзүүнүн көйгөйлөрү менен М. В. Шубенков, Ю. В. Янушкина, Ю. С. Янковская, Н. А. Рочегова, А. В. Боков, Н. В. Касьянов, В. Э. Волынсков, Е. В. Барчугова, А. А. Асанович, Э. В. Хайман, К. О. Вытулева, М. В. Дуцев ж.б. алектенишкен. Архитектуралык маселелерди чыгарууда синергетикалык ыкманы Е. Ю. Витюк, Л. П. Холодова, В. Г. Буданов, Е. М. Соколова, С. П. Курдюмов, Е. Н. Князева ж.б. колдонушкан. Архитектурадагы экологиялык ыкманын эволюциясы көйгөйү жана долбоорлук методологияны иштеп чыгуу, ушундай ыкманын негизинде А. В. Воронина, А. Ю. Заславская, Н. А. Унагаева, П. П. Зуева, П. В. Пипуныров, В. И. Иовлев, В. Белоголовский ж.б. алектенишкен. XX к. көптөгөн архитектуралык багыттардын комплекстүү айкалышы Г. В. Есаулов тарабынан анализденген, бул агымдардын прагматизмдин философиясы менен байланышы Г. А. Птичникова тарабынан изилденген. А. Г. Раппапорттун, В. Юзбашеванын, Г. И. Ревзинанын архитектуралык форманы түшүнүү көйгөйүнө, философиялык түшүүнүн жана чыгармачыл жаратман процесстерге арналган макалалар кесиптик изилдөөнүн горизонтун кыйла кеңейтти. Бирок, буга карабастан бардык окумуштуулар жаңы архитектурага мүнөздүү чыгармачыл концепцияларды көп түрдүүлүгүн, аны татаал динамикалуу система катарында карашып, XXI к. авангарддык агымдардын бардык полиморфияларын аныктоого багытталган бүтүн анализдин жана алардын генезисинин теоретикалык негиздеме өткөрүлбөгөндүгүн белгилешет.

Архитектуралык-көркөм чыгармачылыктагы заманбап тенденциялары жана постиндустриалдык коомдун өзгөрүлгөн шарттарда архитекторлорду кесиптик даярдоонуу В. И. Наумова, Ю. И. Карамзин, А. В. Жоголева, Н. А. Рочегова, А. Асанович ж.б. Т. Н. Вятчанина архитектурадагы рухий-диний аң-сезимдин маанисин аныктаган. Архитектуралык мейкиндиктин концепцияларын изилдөөгө А. Ю. Невзоров жана Г. Ф. Горшкованын эмгектери арналган. XX–XXI к. архитектуранын түшүнүктөрүнүн, терминдеринин жана стилдик багыттарынын комплекстүү анализин, заманбап архитектуралык объекттерди өнүктүрүүнүн себептерин, өбөлгөлөрүн жана тенденцияларын аныктоо максатында А. В. Лобанов аткарды. Ал жаңы архитектуранын форма түзүү методикасы, форманын генерациясынын эксперименталдык

алгоритмдерин жана имараттардын функцияларын колдонуучу, архитектуралык чөйрөнүн, архитектуралык мейкиндиктин жана форманын маанилик мазмунунун конкреттүү талаптарын эске алат деген корутундуну чыгарууда. Архитектордун чыгармачылыгы форма түзүү менен эмес, архитектуралык мейкиндикти уюштуруучу процесстерди моделдөө менен байланышкан (коммуникативдик мейкиндиктерди түзүү менен). Жаңы архитектурада «көркөм интеграция» концепциясын М. В. Дуцев сунуштайт. XXI к. архитектурадагы интеграциянын негизги белгиси катарында ал көркөм бүтүндүктү белгилейт. Көркөм интеграциянын теоретикалык модели автор тарабынан бири-бири менен өз ара аракеттенүүчү «талаалардын» концепциялар түрүндө берилген: мейкиндик-убакыттык, көркөм жана жеке-инсандык.

Жаңы мезгилдин архитектурасынын көйгөйлөрүн изилдөөгө арналган илимий эмгектердин жүргүзүлгөн аналитикалык обзору, биринчи этап ички кесиптик өзгөрүүлөрдү терең түшүнүүгө алып келген долбоорлук көйгөй жаратуучу ой-жүгүртүүнүн өсүүчү маанисинде долбоорлоо процесстеринин модификациясы алдын-ала өткөрүлгөн, теоретикалык жалпылоонун экинчи этабына өтүүгө зарыл, концептуалдык долбоорлоонун аксиологиялык багыттарын аныктоо жана түшүнүү аппаратынын рефлексивдик-уюштурулган системасын курууга бүтүмүн чыгарууга алып келүүдө.Берилген изилдөө архитектура дүйнөсүндө жүрүүчү процесстерди теоретикалык түшүнүүгө аракет жасаган, ар уюлдуу багыттарды камтыган татаал системаны сунуштап, курамдаштырылган модель түрүндө, обзордук мүнөздөмөлөр менен гана чектелбестен, ар концепциянын ошол теоретикалык базисин ачуу жана аныктоо менен анын пайда болушун жана андан аркы эволюциясын шарттаган.

Авангарддык архитектураны изилдөөгө арналган теоретикалык изилдөөлөрдүн анализи төмөндөгүлөрдү көрсөттү:1)XX к. башындагы модернизмдин авангарддык идеялары XXI к. глобалдык цивилизациянын жаңы шарттарында эволюциялашат. Архитектураны өнүктүрүүнүн заманбап доорун *панмодернизм* катарында аныктоого болот; 2) архитектураны өнүктүрүүнүн жаңы этабы анын концпетуалдык жаңылануу көз-карашында мүнөздөлөт, бул жерде жаңы архитектуранын көп векторлуулугу тууралуу идеясы негизги тезис кызматын аткарат; 3) XXI к. авангарддык архитектурасы бардык элдер үчүн ылайыктуу, алардын локалдык жана маданий идентификациясынан көз карандысыз жаңы глобалдык маданиятты таркатуу үчүн аспап болуп эсептелет. XXI к. авангарды архитектурадагы стилдик багыттуулукту, форма түзүүчү приоритеттерди жана эстетикалык баалуулуктарды талап кылат;

4) жаңы авангарддык архитектура өтө чечкиндүү динамикалык композицияларды ишке ашырууга мүмкүндүк берүүчү, сызыктуу эмес геометрияны жана санариптик технологияларды колдонуу менен XX к. авангардынын принциптерин жаңы илимий-техникалык шарттарда улантууда жана өнүктүрүүдө;

5) архитектуралык илимдин ар түрдүү тармактарында искусство таануучулар, маданият таануучулар, философтор жана архитекторлор жүргүзгөн жаңы жүз жылдыктагы алгачкы он беш жылдыкта изилдөөнүн приоритеттүү сфералары системалаштырылган жана белгиленген. Диссертациялык эмгектердин анализи өзүнчө феномендер, жаңы



архитектуранын көйгөйлөрү жана көрүнүштөрү жеткиликтүү деталдуу көрсөтүү, глобалдык архитектуранын бардык чачыранды кубулуштарын бирдиктүү жана бүтүн сүрөтүн жалпылоочу жана жаратуучу теоретикалык изилдөөлөр жетишпей тургандыгы аныкталган.

Борбордук Азиянын архитектурасын жана форма түзүүнүн көйгөйлөрүн окуп-үйрөнүүнүн комплекстүү сүрөтүн түзүү төмөндөгү иштерди төмөндөгүдөй топторго бөлүүгө мүмкүн экендигин аныктады. Биринчиден, архитектуранын форма түзүү мыйзам ченемдүүлүктөрүн аныктоочу эмгектер – Э. М. Байтенов, Б. Т. Балыкбаев, Д. Д. Омуралиев, Л. Р. Турганбаева, К. И. Самойлов, А. Бектасов, М. К. Ахмедов, Е. В. Забелина, Е. Дуйсебай жана башкалар. Мындан ары бул багыт төмөндөгү авторлордун изилдөөлөрүндө улантылган: Р. Сабитов, Ю. Н. Смирнов, Д. Е. Тойшубеков, А. М. Хамедов, О. А. Иванова, Г. Дж. Мауленова, Е. М. Хоровецкая, Н. Ж. Козбагарова, Н. Г. Султанова ж.б. Экинчи топту ислам искусствосунун көркөм-композициондук аспектерди жана салттары изилдөөчү эмгектер түздү: О. А. Грабар, Надера Ардалан, Лале Бахтияр, Хусейн Аманат, Фариборз Сахба, Шемтоуба Согола, Хасана Фатхи, Расем Бадрана, Рифат Хадирджи, Джефри Бава, Валери Гонсалес, Самер Аккаш, Хусейн Сейид, Р. Хилленбранд, Э. Рооз, Сийед Махмуд-уль-Хасан, Джэймс Дики, Т. Х. Стародуб, Наджм уд-Дин Баммат, Рашид Калвир Ходжатулла, Набижан Мардан. Кийинки топту заманбап архитектуранын жана шаар куруунун түрдүү аймактык көйгөйлөрдү изилдөө боюнча эмгектер түздү: Кешмири Хади, Ван Синя, Вэнь И, Д. А. Амандыкова, Л. Т. Нуркушева, Мирзаи Реза ж.б. Архитектуралык мейкиндиктердин жана объекттердин форма түзүүнүн принциптери фракталдык теориянын алкагында изилдегендер: Г. Мухаммади, А. М. Аль-Мукарам, М. Ибрагим, Н. А. Салиньгарос, П. Дж. Лю, П. Дж. Стейнхард, Ш. А. Карим, М. Абдельтиф, В. Бечхоефер, К. Бовилл, П. С. Эдисон, Б. К. Рювен, Исмаил Халед Д. Альдин ж.б.

Борбордук Азиянын архитектурасын өнүктүрүү көйгөйлөрүнө арналган илимий булактардын анализи изилдөөнүн приоритеттүү багыттары төмөнкүдөй багытталгандыгын көрсөттү:1) архитектуранын комплекстүү ретроспективдүү сүрөтүн түзүү; 2) тарыхый-архитектуралык мурастардын аймактык аспектеринин анализи; 3) форма түзүүнүн булактарын, эволюция ыкмаларын, мусульмандык архитектуранын өз ара аракеттешүү жана өз ара таасир берүү салттарын изилдөө; 4) архитектуралык мейкиндиктин типтерин өнүктүрүүнүн жана уюштуруунун суроолору; 5) аймактык жана улуттук өзгөчөлүктөрдүн спецификаларын эске алуучу архитектуранын форма түзүүчү мыйзам ченемдүүлүктөрүн аныктоо.

**«Авангарддык архитектуранын концепцияларынын анализи» аталыштагы экинчи главасында** жаңы архитектура концептуалдык-теоретикалык ой-жүгүртүүнүн ракурсунда каралат. Жаңы архитектуранын жана архитектуралык ишмердүүлүктүн өзгөчө шарттары стилдик жалпылыктын жоктугуна карабастан анын концептуалдуу багыттуулугу ачыктан-ачык көрүнүп тургандыгында. Бирдиктүү маалыматтык мейкиндикти түзүү ар түрдүү архитектуралык өнөрканалар арасында же архитектура чеберлери интенсивдүү, атаандаш концептуалдуу трансляцияны шарттаган.

Концептуалдуу өнүгүүнүн мамлекеттер аралык жалпылыгы жайбаракат XXI к. иш жүзүндөгү бардык архитектуралык концепциялар планетардык болуусуна алып келди. XX к. (постмодернизм) акыркы жылдарында башталган архитектурадагы концептуалдуу агымдардын ризомдуу өсүү процесси эки эселенген темптер менен XXI к. уланган – плюралдуу «бутакташуу» архитектуранын полиморфизм жана полистилизм камсыздайт.

Теоретикалык анализдин максаты ар түрдүү мүнөздөгү концепциялардын ушул калейдоскопунда өнүгүүнүн «кандайдыр бир окторду», аксиологиялык багыттарды, жалпы проблематиканы жана архитектуралык чыгармачылыктын спецификалуу симультанттуулугун аныктоодон турат. Ички креативдүү потенциалды ишке ашыруучу чыгармачыл концепциялар түптөлүүнүн баштапкы стадиясында тургандыгына карабастан, эчак эле жаңы архитектуранын так контурлары байкалды. Алар полиморфизмдин полисемичтүүлүктүн жана нон-финиттүү вариабелдүүлүктүн имманенттүү белгилерине ээ. Ар чыгармачыл концепция өз идеялык-теоретикалык базага ээ, форма түзүүнүн жактырылган өз методун, мүнөздүү каражаттардын чектелген жыйынын колдонот, белгилүү композициондук мотивдерди жактырат, өздүк көркөм манераны иштеп чыгарат, ошондой эле архитектуранын чеберинин жеке кол тамга белгисин ыйык тутат, ж.б. бул конкреттүү агымды тартуулайт. Идеялык-концептуалдуу долбоорлоонун заманбап перманенттүү кыймылдуу сферасын түшүндүрүү үчүн жалпы парадигмалуу архитектуранын орнотмосу зарыл. ***Жаңы архитектуранын парадигмасын учурдагы чыгармачыл концепциялардын, мейнстримдердин, локалдык агымдардын, аритектуралык мектептердин жана башка көптөгөн көркөм-идеологиялык багыттарын бар болгон жарыш системасы катарында аныктоого болот.*** Берилген изилдөө авангарддын алкагында чектелелет, жогорку технологиялар жана инновациялык иштелмелерди синтездеп, архитектуалык-шаар куруу чөйрөнү тез өзгөртөт, бир эле учурда жалпы дүйнөлүк кризистин фонунда курчуган архитектураны аракет кылат. Авангарддын драматикалык генезиси чыгармачыл ишмердүүлүк үчүн кызыктуурак жана актуалдуу. Авангарддагы өзүнчө багыттар, агымдар өзүнчө стиль катарында азырынча изилденбейт, анткени алар азыр түптөлүү, жеке тезистерди демонстрация, манифестация процессинде турат. Ошондуктан бардык ушул багыттар жарым-жартылай жана өз ара өтүүмдүү, азыр алардын ортосунда так чектөө жок, көпчүлүк моменттерде алар кандайдар бир окшоштукка биригүүдө. Берилген изилдөөдө авангарддык архитектура искусство (жаңы идеялардын пайда болушу) жана техниканын (жаңы конструкциялардын жана технологиялардын пайда болушу) архитектурага болгон көз-карашында каралган, ошондой эле ички архитектуралык өзгөрүүлөр позициясынан–жаңы типологиянын пайда болушу.

**Заманбап искусствонун жана авангард архитектуранын концепцияларын салыштыруу.** Эрте авангарддын чечкиндүү идеяларын ишке ашыруу кагаз бетинде гана калган, бүгүн техникалык жетишкендиктер жана санариптик технологиялар аркылуу ишке ашыруу мүмкүн болууда. Авангарддык архитектура абстракционизмдин өнүгүүсүнө базаланган искусствонун жаңы концепцияларын колдонууну улантууда, бул болсо анын алдына жаңы маселелерди коюуда. Жаңы кылымдын чегинде искусствонун өз



ара аракеттенүү процесси кайрадан күчөдү, живопистен, скульптурадан жана дизайндан архитектурагы авангардка жаңы креативдүү иделардын сүңгүп кирүүсүнө түрткү болгон. Буга көркөм-сүрөт жана мейкиндик искусствонун бир нече түрлөрүндө ийгиликтүү эмгектенип жатышкан чеберлердин пайда болуусу түрткү болгон (З. Хадид, С. Калатрава, Ф. Гери, Л. Спайбрук, М. Хеммерлинг, Х. Лалвани, М. Новак, Г. Линн и др.).

М. В. Дуцев, архитектуралык чыгарманы жаратуу процессинде көркөм синтездин потенциалын аныктаган, «көркөм жана илимий чыгармачылыктагы формалардын жана түрлөрдүн активдүү өз ара сүңгүп кирүүсүндө байкалган искусстводогу жана архитектурадагы концептуалдуулуктун ролуна өзгөчө көңүл бурган. Концептуализм күчөтөт, кээде заманбап билим жана чыгармачылыктын сабактар аралык аспектисин аныктайт». Берилген изилдөөлөрдүн алкагында, архитектурага искусствонун идеяларын интеграсивдүү таасирин таануу менен авангарддык архитектуранын көркөмдүк тили конкреттештирип, негизги концептуалдык жолу менен багыттарын аныктоонун жана форма түзүүнүн көркөм-сүрөт ыкмаларынын жыйындысын орнотууга болот.

**Авангардын көркөм-сүрөт концепциялары** бүгүн илимий билимдердин негизинде, маалыматтык технологиялардын программалык ролу жана эсептөө техникаларынын каражаттары, гендик инженериянын жана биотехнологиянын жетишкендиктерин, сызыктуу эмес өзүн-өзү уюштуруучу системалардын дүйнөсүндө өнүгүп, рационализирленет. Супрематизм, XX к. пайда болгон, XXI к. башында эки өз ара атаандаш агымдарга ажырайт, – «гиперсупрематизм» жана «неосупрематизм» деп биз белгиледик.

***«Гиперсупрематизм» концепциясы*** өзүнчө «жалпак» супрематизмдин өнүгүүсүн сунуштайт, аны сызыктуу жана туура геометрияны сызыктуу эмеске алмаштыруу, форманын астркутрттуу пайда болуусунун негизинде конституирленет –конфигурациянын перманенттүү өзгөрүүсү ; вариациялардын аяксыз көптүгү менен шартталган, прицpropиалдуу аяктагандыктын жоктугу; борборлоштуруучу бирдиктин жоктугу; композициондук борборлордон чыгуучу «суурулуп кетүүчүлөрдү», өзгөрүлмөлүү жана “кыймылдуу” багыттардын кошуу. Көлөмдү полиборбордун түптөө аныктоочу композициондук базиси, объекттин курамын жана потенциалдуу өнүгүүсүн алдын-ала аныктоочусу болууда. Гиперсупрематизм супрематизмдин философиясын ишке ашырууну, аны жаңы методдор, ыкмалар жана тезистер менен толтуруу менен улантууда. Гиперсупремитизмди физикализм концепциясынын өзүнчө бир көрсөткүчү катары кароого болот, курамдык курулушунда заманбап физиканын идеялары салынган (И. Пригожин, Р. Том, Э. Лоренц, Б. Мандельброттун ж.б. теориялары). Гиперсупрематизмде *форма өзүнүн архиэстетикалык билдирүүсүнө жетет.* Эгерде мурда Малевичтин супрематизминин негизинде таза абстракттуу, ачык, түшүнүктүү жана бир маанилүү форма болсо, гиперсупрематизм концепциясынын формаларында маданий, тарыхый жана жаратылыш символдору бар. Гиперсупрематизм «классикалык» супрематизмден айырмаланып, перцептивдүү мазмундуулукка, ризоморфдуу көркөм чөйрөнү түптөө менен архитектуралык метафорийликке өткөн. ***«Неосупрематизм»*** – бул 20-ж. супрематизмдин идеяларынан түрткү алган жана көркөм форманы классикалык архитектуралык композициянын

териянын алкагында чечмелеген көркөм концепция. Неосупрематикалык архитектура «жылдыздын жарылышын» элестетүүчү кристаллдык курамдын динамикасынын эстетизацияга негизделген. (Д. Либескинд, Б. Чуми ж.б.). Эгерде гиперсупрематизм илимий-теоретикалык идеяларды жана багыттарды артикулирлесе, ал эми неосупрематизм – архитектуралык-эстетикалык болгон. *Эки багыттардын спецификалык тараптары*: неосупрематизмде кристаллдык курамдар басымдуулук кылат, гиперсупрематизмде – пластикалык; неосупрематизмдин түз жантайыңкы сызыктары гиперсупрематизмдин жай ийри сызыктары менен карама-каршы коюлган; неосупрематизмде курч бурчтар жана курч учтуу аяктоолор көптүк кылат, ал эми гиперсупрематизмде ийри сызыктардын чыңалышы үстөмдүк кылат; неосупрематизмде көркөм бренд өз максатына кайрылат, гиперсупрематизмде – бул экинчи, жараксыз эффект; неосупрематизмде булчуңдуу үстүңкү катмарда эркек сызыктар үстөмдүк кылса, ал эми гиперсупрематизмде ийкемдүү аялдык пластика өкүм сүрөт; неосупрематизмде архитектуралык чыгармалардын сырткы тарабы монументалдуулук менен аныкталса, ал эми гиперсупрематизмде – эфимердүүлүк; архитектуралык композициянын неосупрематизмде көз-карашында контрасттык иллюзиянын ыкмасын колдонот, ал эми гиперсупрематизмде форма нюанстык мамилелер менен чулганган. Берилген багыттар арасындагы айырмачылык баарынан мурда неосупрематизм модернизмдин прициптеринде салттуу композициондук ыкмаларды колдонуу менен негизделген, ага карама-каршы гиперсупрематизм – бул бардык заманбап архитектурага, бардык башка агымдарга альтернатива. Ошондуктан гиперсупрематизм өтө күчтүүрөөк жана неосупрематизмге салыштырмалуу мыктыраак багыт, бирок буга карабастан ал кесипкөйрөөк, жакын кабылдуураак, архитектуралуураак.

Руханий-эстетикалык энергияны жана сюрреализмдин форма түзүүнүн ыкмалары архитектуралык объекттин скульптуралык трактовкасында, ***экспрессивдүү структурализм*** концепциясын өнүктүрөт – бул XX к. 20-ж. экспрессионизмдин жана 60-ж. структурализмдин методдорунан, образдарынан, ыкмаларынан түрткү алган көркөм ыкма. Экспрессивдүү структурализм архитектуралык объекттин динамикалык курамына таяныч жасайт–форма түзүүчү принципте башкы катарында. Экспрессивдүү структурализм концепциясынын негизинде теоретикалык иштелмелер Дж. Кипнистин («балык мектептери» концепциясы), И. Добрицына («жандуу планета» концепциясы), С. Квинтер («талаа», коммуникативдүү процесс катарында), С. Аллен («талаа», кыймылдуу материалдык курам катарында), П. Эйзенман (белгисиз концепциясы) ж.б.бар. Экспрессивдүү структурализм үчүн аныктоочу болуп көп маанилүүлүк жана полибагыттуулук эсептелет. Термелүү, туруксуздук жана токтоо эмес, баса белгиленген толкундуу, пульсирленген сызыктар, жылуучу мейкиндик менен акыл-эстүү деформацияны, чакыруучу чындыкты берилген багыт аныктайт. Бул жерде архитектуралык формалар архитектуралык курулмаларды түзүүнүн бардык терең принциптери менен карама-карышылыкка кирет. Экспрессивдүү структурализм объекттин ичинен татаал курамдык түйүн түптөйт, ал эми сыртынан курч динамикалуу пластикада кырларды, урчуктарды, жантайыңкы тегиздиктерди, өзүнчө бир шаардык монументтерди жаратуу менен жөнгө салат. Экспрессивдүү структу-



рализмдин грамматикасынын элементтери толугураак Рема Колхаса, Вольфа Прикса, Хельмута Свечински ж.б. чыгармачылыгында пайда болгон.

**Авангарддык архитектурадагы искусствонун пластикалык концепциялары** сюрреалистикалык скульптуранын, гротесктин жана антропоморфизмдин көркөм образдары менен берилген. Сюрреализмдин руханий-эстетикалык энергиясын жана форма түзүүнүн ыкмаларын архитектуралык объектти скульптуралык чечмелөөдө чыгармачыл концепцияны өнүктүрөт, ***«сюрреалистикалык архитектура-скульптура»*** катарында аныктоого болот. Учурда алгылыктуу ийгиликтерге ушул багытта архитекторлор Ф. Гери, Й. Майер, Х. Рашид, Х. Сеносьяйн, Р. Брунос ж.б. жетишишти. Сюрреалисттик архитектура-скульптуранын концепциясындагы теоретикалык постулаттар логикалык түз жеткиликтүү системага кошууга болбойт, бирок *берилген концепциянын төмөндөгүдөй принциптерин* белгилөөгө болот: 1) архитектуралык башталыштын үстүнөн көркөмдүктү өзүн-өзү басуу; 2) абсолюттук башка курамдык иерархия, форма түзүүнүн архитектурадан сырткары башталыш өзүнүн артынан ички, жеке архитектуралык алып барат; 3) скульптуралык форманын түбөлүктүү аяктагандыгына орун берүү менен модернизмдин «нон-финито» негизги принциптердин бири четке кагылууда. Көркөм-иллюзордук мейкиндик мындай архитектурада толугу менен өзүнө реалдуу мейкиндикти баш ийдирет.

Ошентип, *сюрреалисттик архитектура-скульптура төмөнкүлөргө ээ деп бекитсе болот:* уникалдуу мейкиндик сапаттарга; бир жактуу эмес функцияга; эфимердик-жеңил көлөмдүк формага, мүнөздүү эмес монументалдуу оор салмактуу курулмаларга; эмоционалдуу-каныккан динамикага; ошондой эле түбөлүктүүлүккө умтулган образдык ассоциацияларга. Кээ бир учурларда композициондук ыкманын сапатында сюрреалисттик архитектура-скульптурада тарыхый архитектура контекст катарында колдонулат. «***Темпоралдык гротеск***» –бул архитектуралык объектте динамикалуу кыймылдын имитациясын чегине чейин жеткирүүчү архитектурадагы көркөм ыкма, ушуну менен анын туруктуу эмес тең салмактуулугун баса белгилейт. Мындай архитектура куюн, шаркыратма, шторм, музыканын ритмдери ж.б. образдарын элестет. Гротеск дайыма карама-каршылуу, өзгөрүлмөлүү, туруктуулукка, стабилдүүлүккө жана гармонияга имманенттүү оппозициондуу. Бирдиктүү көлөмдө өз ара четке кагуучу, карама-каршы формаларды бириктирүү менен гротеск көркөм-эстетикалык канондорду жана эрежелерди бузат. Гротесктин теориясын пайда болуусунун жана түптөлүүсүн искусстводо М. Бахтин, Л. С. Выготский, А. Лосев, Н. Берковский, В. Кайзер, Г. Меншинг, К. Гучке, А. Хайдизик, Б. Мак-Элрой ж.б. изилдешкен. Гротеск хаос теориясынын көз-карашынан искусстводо С. Юрков изилдеген, хаос дайыма маданиятта болуп-өтүүчү процесстерди коштойт деп белгилеген.

*Темпоралдык гротеск концепциясында мейкиндүүлүк категориясы өзүнүн алдыңкы жана аныктоочу маанисин архитектурага бошотуп берет – анын ордун темпоралдуулук категориясы ээлейт.* Темпоралдык гротесктин архитектурасы дайыма кандайдар бир фондо ойнотулат, ал кескин өзүнүн курчоосуна карама-каршы коюлат.Темпоралдык гротеск, чыгармачыл метод катарында, баарынан көбүрөөк Ф. Ромеро, Тед Гивенс, Трей Тайлер, В. Чолл, Т. Мейнж.б. колдонушат.

*«Антропоморфалык метафора»* – бул архитектуралык объекттин формаларында адамдын телосунун абстрактуу чагылдырылышына негизделген көркөм метод. Байыркы мезгилдерден тартып антропоморфалык метафора символикалык терминдердин жардамы менен социумдун тиричилик чөйрөсүнүн бардык курамдык түзүүчүлөр арасында, ошондой эле анын ордердик композиция мазмунунун баалуу өзөгүн түзгөн. Метафоранын архитектуранын формаларга, анын тилине болгон таасирин жана мифологиясын А. Раппапорт, М. А. Симоненко, В. Горожанкин, Е. М. Соколова, Г. Ф. Горшкова изилдешкен. Учурда *антропоморфалык метафора* жаңыча архитектуралык объекттин адамдын денесине болгон тууроо принцибин көрсөтөт. Азыр адамдык организмдин ички курамдарына тандоо берилүүдө.

«Антропоморфалык метафора» концепцияда адамдын жашоосу жеке эле кандайдыр бир абстрактуу эрк жашоого болгон (б.а. кыймыл), ошондой эле жеке потрет-эстелик сыяктуу чагылдырылат. Антропоморфалык метафора Ф. Гери, С. Калатравы, П. Аллена, Р. Даукантаса ж.б. курган объекттерде көрүнө чагылдырылган.

**Архитектурадагы дизайн** архитектуралык методологиянын жана долбоорлук ишмердүүлүктүн көркөм-эстетикалык чечиминин тармагын камтыйт. Архитектура, алдын-ала «жогорку» искусствонун критерийлери жана талаптары боюнча түзүлөт. Бир жагынан, жогорку архитектура тереңдетилген эзотерикалык билимдерди талап кылган, космикалык тартиптеги идеялар жана образдардан дем-күч алат, экинчи жагынан, ал күнүмдүк турмуштагы жана прозаикалык нерселерсиз, аны реалдуулукка ашыруу үчүн курулуш процессинде боло албайт. Архитектуранын ушул эки карама-каршы жактары көркөмдүк сферасына тийиштүү жана бирөө экинчисиз жашай албайт. Архитектураны жаратуунун методологиясы өзгөрүүдө, качан архитектор буюм эмес же синтетикалык мазмун менен функционалдык элемент жаратпаганда, «архитектуранын чыгармасын», келечекте алар ар түрдүүчө колдонулушу мүмкүн. ***«Архитектура-чыгарма» концепциясы*** эки чекке ээ. Бир жагынан – бул долбоор ишке ашырылууда жана искусство чыгармасы болууда. Бирок, эгерде мурда архитектуралык чыгарма убакыттын кандайдыр бир өтүүсү менен дүйнөлүк шедевр болгон болсо, азыр архитектуралык чыгарманын жаңылыгы заманбап учурда архитектуралык объект дароо эле чыгарма макамында түзүлүп, доордун символу болуп калууда. Башка жагынан *архитектура өзүнөн-өзү искусство болуп эсептелет*, ал эмнени долбоорлойт жана курат экендигине көз карандысыз. Бул болсо, ушундай жанрлар – архитектуралык фантазия, архитектуралык сүрөт, архитектуралык макет жана архитектуралык инсталляция сыяктуу искусствонун башка жанрлары менен тең тайлаша алат. Архитектуралык шедеврлерди жаратуучулар катарында төмөндөгүдөрдү атоого болот: С. Калатрава, З. Хадид, М. Фуксас, Э. О. Моос, Асиф Хан, Б. Ингельс, П. Орстедт, А. Паркинсон, Н. Бейсик ж.б.. Концепция, чыгармачыл интенция символдордун жана белгилердин жашырылган контекстинде архитектуралык эквиваленттерди табууга багытталган, сырдуу кодду архитектуралык форманын көркөм мазмунунун трактовкасына кошуу менен биз тараптан – ***«эзотерикалык шрифтүү символизм»*** деп аталган. Эзотерикалык символизмдин мүнөздүү өзгөчөлүгү планетанын өзүнчө орундарында гана байкалат деп эсептелет, анткени накта ушул элдердин



маданиятында алгач жолу эзотерикалык символизм жаралган, бирок архитектуралык ишке ашырууну алган эмес. Бүгүн бул символдорду архитектуралык формаларда каттоого мүмкүнчүлүк түзүлгөн. *Иероглифтин архитектоникасы, араб каллиграфиясы, эзотерикалык символизмде руникалык жазуулар жана тамгалар форма түзүүнүн методу катарында колдонулат.*

**Архитектуралык форма түзүүнүн принциптерин** тоталдуу кайра түшүнүү жүрүп жатат. Азыркы учурда дагы эле архитектуралык объектти түптөлүүчү жана жаралуучу ыкмасы түзүлө элек. Азырынча авангарддык архитектуранын квинтэссенциясын аныктоочу, кандайдар бир жалпы «форма түзүүчү фермент» табыла элек, бирок иш алып барылууда. Универсалдуу «фермент» сыяктуу архитектуралык багыттардын бардык көп түрдүүлүгүн камтуучу болуп көп учурда Жаратылыштын өз үлгүсү катышууда. Фракталдык концепциялардын кубаттуу өзүнө тартуусу жана күчтүү жагы накта ушу менен түшүндүрүлөт – буларда архитектуралык форманы моделдөөнүн түзүлүшү жана ыкмалары жаратылыштын иерархиялык курамдашуусунун түзүлүшү басылган. Архитектурада фракталдык теориянын өнүгүүсү менен Ч. Дженкс, И. А. Добрицина, М. П. Кравченко, А. А. Айрапетов, В. В.Тарасенко, А. Заславская ж.б. алектенишкен. Шаарды пландоодо фракталдык курамды колдонууну Е.Ю. Витюк, В. Н. Бабич, В. А. Колясников, Е.А. Кропанева ж.б.анализдешкен.

Жаңы авангарддык архитектуранын форма түзүү ишинде фракталдык ыкманын төмөндөгүдөй концептуалдуу багыттарга бөлүү сунушталган: *«архорганика», «гомогендик фракталдуулук», «итерациондук форма», «акваархитектура».*

***«Архорганика»*** – 60-жылдардын органикалык жана бионикалык архитектуранын идеясында негизделген, бирок архитектуралык-композициондук өзөгү катарында организмдин жумшак, жандуу, ички, көрүнбөгөн мазмунун колдонуучу чыгармачыл метод. Башка сөз менен «архорганика» образдын жаратылыш формасын рационалдуу идеализациясын гиганттык масштабдагы эске тутуп калуучу символ түрүндө берет. Архитектуралык форма түзүүнүн үч айырмалануучу прициптери берилген концепцияны мүнөздөйт: 1) жаратылыш формаларына сырткы окшошуудан бардык форма түзүүчү идеялар жана образдардын ичкиге, көрүнбөгөн бөлүктөрүнө жана жаратылыш организмдердин жашыруун жактарына өтүү; 2) жаратылыштын гиперболизациясы (өлчөмү боюнча чоңоюу); 3) композициондук-көркөм принциптин негизин жаратылыш формасынын гештальты түзөт – анын көркөм, темпоралдык органикалык курамын келечектеги курулуштун композициондук каркасын курууга которуу. «Архорганика» идеологиясына ылайык, архитектуранын катуу геометриясынын ордуна фракталдык курамга ээ, жандуу жаратылыштын жайбаракат сызыктарын кайталоочу жумшак формалар келиши керек. Бул багыттын алкагында архитекторлор Кенго Кума, Мишель Рожкинд, Ренцо Пиано, Заохен Ванг ж.б. иштешет.

***«Гомогендик фракталдуулук»*** – бул жаратылыш архитектурасынын эстеликтердин эстетикасына басым жасоочу көркөм ыкма. Мындай архитектуранын композициясы бирдей (гомогендик) компоненттердин, формалардын, тетиктердин жана жаратылыш объектисинин бөлүктөрүнүн

кайталоосунан турат. *Архитектуралык объектти түзүүдө,* жаратылыш аналогдорун так көчүрүүчү стохастикалык фракталдары катышат, алардын абстрактуу модели эмес. Берилген концепциянын базистик элементи болгон стохастикалык фракталдардын компьютердик визуализациясы өз алдынча эстетикалык маанилүүлүккө ээ. Жаңы фракталдык искусствонун пайда болушун: Б. Мандельброт, П. Рихтер, Х.-О. Пайтген, П. П. Николаев, А. В. Шлык жана башкалар далилдешкен.Татаал жаратылыш түзүлүш түрүндөгү композицияны уюштуруунун төмөндөгү негизги ыкмаларын белгилешет: 1) бирдей майда элементтердин кайталоосунун метрикалык ритми, бир эмес, бир эле учурда бир нече тегиздикте ишке ашырылган кыймылы; 2) фракталдын өзүнө-өзү окшоштук принциби, мында чоңойтулган фрагмент сырткы көрүнүшү боюнча иш жүзүндө бүтүнгө окшош; 3) фракталдардын симметриясы, бөлүктөрдүн масштабынын түрүн өзгөртүүгө мүмкүндүк берүүчү, форманы өзгөртпөй; 4) ритмдин жай жана үзгүлтүксүз өзгүрүүсү.

«***Итерациондук форма***» – бул композициясы метрикалык катарга негизделген жана жалпысынан жаратылыш түзүлүшүн элестеткен, көп ченемдүү геометриялык курам түрүндөгү архитектуралык көлөмдү чечмелөөчү көркөм ыкма. Эгерде классикалык архитектурада метрикалык катар жалгыз, жеткиликтүү форма түзүүчү принцип катарында колдонулса, ал эми фракталдык архитектурада ритмикалуу кайталоо ар масштабдуу, б.а. кандайдыр бир иерархияны түзүүчү бир эле учурда бир нече метрикалык катарлар жүрө алат. *Итерациондук форма* геометриялык фракталдар менен жаралган, алгебралык фракталдардын жана кристаллдык курамдын жардамы аркылуу түзүлөт. *«Итерациондук форманын» негиздөөчү принциптеринин бири болуп фракталдын таралуу касиети эсептелет.* Берилген концепцины *полигоналдык тор* түрүндө берсе болот – полиэдралдык объекттин формасын кыймылдатуучу чокулардын, кырлардын, чектердин жыйыны жөнөкөйлөтүлгөн. Итерациондук форма – бул өзүнчө бир көп ченемдүү конструктор жана ушунусу менен фракталдык архитектуранын багыттарынан айырмаланат. Бул концепциянын ыкмалары бир катар ишке ашырылган долбоорлордо Е. Кевина, З. Хадид, Н. Фостера, Т. Ито ж.б. эчак эле сыналган.

***Акваархитектура***» – бул архитектуралык объекттин көркөм формасы катарында суунун агуучу курамын жана эстетикасын моделдөөчү чыгармачыл концепция. Акваархитектура экзистенционалдыкка жакын, сууга болгон мамилелерди турмуштук кабыл алуу, ага баштапкы өзгү кайтарылат. Суунун фракталы – бул Суунун өмүрүн архитектуралык-көркөм көлөмдө-мейкиндик композицияларда визуалдаштыруу. *Акваархитектура» - бул суунун архитектурасы эмес, бул – суусуз архитектура*, архитектуралык формаларда суунун бардык атрибутикасын имитациялоо (тамчы, көбүк, суудагы айлампалар, шарикчелер ж.б.). Экологиялык көйгөйлөр –тузсуз суулардын жетишсизи, кир болушу, суу мейкиндиктеринин акваториясынын кыскарышы ж.б. – XXI к. пайда болгон Суу культунда берилет. Бул багыттагы архитекторлор деп Дж. Гэнг, В. Мисакьян, О. де Уритийя, А. Капур ж.б. атоого болот.

**Инновациялык технологиялардын жана авангарддын айкалышы** ишмердүүлүктү жана авангарддык архитектурадагы техникалык революциянын жыйынтыктарын сапаттуу туура түшүнүүнү чагылдырат. Бир жагынан бул бирөөнүкүн алууда эмес, өтө жогорку деңгээлде жаңы прогрессивдүү курулуш



технологияларын, космостук методикаларды колдонгонго чейин атайын иштеп чыгуудан турат. Экинчи жагынан, архитектуралык курулмаларды техникалык агрегатка теңөө жүрүп жатат, модернизмдин архитектурасында болгондой сыяктуу, анын имитациясына эмес, анын түздөн-түз кайра жаралышына. Имарат-агрегат электроэнергияны, жылуулукту иштеп чыгат, абаны, сууну тазалайт, таштандыларды утилизациялайт ж.б. Авангарддык архитектура бүгүнкү күндө техниканын, конструкциялардын, курулуш материалдарынын жана рационалдуу долбоорлоонун мүмкүнчүлүктөрүн төп келиштирип колдонуунун этабын көрсөтөт. Топологиялык өзгөртүүлөрдүн негизинде түзүлүүчү гомеоморфдук мейкиндик фигураларды моделдөө форма түзүүнүн алдыңкы ыкмаларынан болууда. Бүтүн үзгүлтүксүз тегиздик, чектөөчү архитектуралык көлөмдү, анын дубалдарын жана чатырын салттуу эмес мүчөлөө, энергиянын сарамжалдоо жана курчап турган айлана-чөйрө менен байланышы керектүү компакттуулукту камсыздайт. Үстүңкү бет авангарддык архитектурада аныктоочу факторго айланат. **Архитектуралык үстүнкү бет формаларын жөнгө салуу принциптери** ар түрдүү татаал үстүңкү беттер, кабыктар жана курамдар иштеп чыгууда колдонулуучу, берилген алгоритм боюнча түзүлгөн, алгоритмдик методко негизделген.

Архитектуралык долбоорлоонун ушундайча концептуализациясы биз аныктоо үчүн сунуштаган «атектоникалык кабыктар» жана «темпоралдык бүктөлүү» концепцияларында өз чагылдырылуусун тапкан. Архитектуралык-техникалык багыттар, жумшак, агуучу форманын эстетиканын базасында чечмелөөчү архитектуралык объект «***атектоникалык кабыктар***» концепциясын билдирет. Анын архитектурасы иш жүзүндө ага тийиштүү түпкү сапаттардан ажыраган: масса, оордук, салмак, стабилдүүлүк,тектоника.

Ал үчүн жеңил, эфемердүү формалар, чоң мейкиндиктерди тосууга жөндөмдүү, жогорку вариабелдүүлүк, даана силуэт, декоративдүү пластика ж.б.мүнөздүү. Атектоникалык кабык концепциясынын башкы ролу үстүңкү беттин, топологиялык жана көп ченемдүү геометриянын, курулуш механика жана синергетикалык идеялардын жаңы философиясында курулат. Мейкиндик, иллюзордук-ээрип кетүүчү үстүңкү беттер «тунук» архитектура тармагындагы иштелмелер менен В. де Пальма, К. Роу, М. Тафури, М. ди Микелис, Ю. Дамиш, К. О. Вытулева алектенишкен. Берилген багытты өнүктүрүүгө жана теоретикалык түшүнүүгө түрткү берүүчү инновациялык идеялар С. Квинтер, Ж. Нувел, М. Новак, С. Перелл, Э. Диллер, Р. Скофидио, Э. Зенгелистин эмгектеринде айтылууда.

«***Темпоралдык бүктөлүш***» – бул агуучу, аяктабаган форманын эстетикасын ассиметериялык берилиште ритмикалуу ийүүлөр менен ыйык тутуучу чыгармачыл метод. «Бүктөлүштөр» теориясына ылайык *эки талаа, түртүлүшүп, бүктөлүшү жаратат – түзүлүүнүн секириги, кайталангыз ийилме сайма.* Ж. Делёз «бүктөлүүнү» жаңы архитектурада топологиялык курамынын негизги касиети катары сүрөттөйт. «Бүктөлүүнүн» образы чечүүчү орунду Ч. Дженкс, Г. Линн, П. Эйзенман изилдөөлөрүндө ээлеген, бул идеяларды архитекторлор Л. Спайбрук, Ч. Райан, Д. Сарс, Л. Айрапетов ж.б. да билдиришкен. Бүктөлүүнү архитектуралык-мейкиндик түшүнүү үчүн төмөндөгүдөй *методологиялык принциптерди* эске алуу маанилүү: 1) «темпоралдык бүктөлүү» башталышы да, аягы да жок; 2) «темпоралдык бүктөлүү»

бүтүн да, өзүнчө бөлүк да логикалык жаюуга баш ийбейт. Ушундан улам *«бүктөлүү» - пластикалык образдардын материалдашкан кыймылы* деп кортунду чыгарууга болот. Бүктөлүүлөр түшүнүгүнүн мазмунун аныктоо менен, анын жаратылышынын экиге бөлүнөөрүн билүүгө болот, бир жагынан «ийүүнүн» реалдуу факты (ийүү, чоюу, кайыруу ж.б.), экинчи жагынан бүктөлүү –бул экөө болуу, кайра жаратуу, чагылдыруу, өз ара коюу операциясы. «Бүктөөнүн» же «темпоралдык бүктөөнүн» форма түзүүчү ферменти болуп «ийүү» эсептелет. Чекит – ийүү кыйшыгын тийип өткөн, мазмуну боюнча, темпоралдык бүктөлүүнүн көрүнбөгөн тарабы *инфлексия* деп аталат. Берилген концепцияда иштеген архитекторлор ушундай чекиттердин системасын түзөт, бырышкан форманы туруктуу, денеси катуу курулмага айландырат.

**Архитектуралык техницизмдеги антропогендик детерминизм**. Антропогендик цивилизация илимий-техникалык прогресстин жаңы нормаларын жана идеалдарын бекитет, жаратылыш жана адамдын дүйнө жаратуунун бирдиктүү жандуу системасы сыяктуу кабыл алууну түзүүчү негиз. XXI к. башында авангарддык архитектура экологияны жакшыртуу, ресурстарды сактоо, мейкиндикти уюштуруу, функционалдуулукту, комфортту камсыздоо ж.б. боюнча боюнча салттуу долбоорлук маселелер менен энергиянын жаңы түрлөрүн өндүрүү боюнча практикалык маселелерди чечет.
Архитектуралык авангард – бул альтернатива, социалдык-утилитардык технологиялардын, инженердик-техникалык жана эстетикалык талаптардын ыңгайлашуусу эмес жана айкалышы эмес, бул хай-текти мындан ары өнүктүрүүнүн логикалык уландысы. Архитектуралык техницизмдеги антропогендик детерминизм «мегаструктурализм», *«технологиялык хай-тек»*, *«кибертектура»*, *«тоталдык бионика»*, *«антигравитациондук архитектура»* концепциялары менен берилген.

***«Мегастуктурализм»*** – бул архитектуралык объектти курч динамикалуу өзүктөрдүн, кристаллдык морфемдердин, конструкциялардын, сызыктардын, ачык боштуктардын өрүлүшү катарында, жалпысынан кандайдыр бир кыймылдаган «агрегаттын» образын чечмелөөчү чыгармачыл концепция.

Мегаструктурализмдин архитектурасы – авангарддын ачык жана динамикалуу көрүнүшү, ал адамдын талаптарына жана суроолоруна жараша тез модифицирлөөгө жана трансформциялоого жөндөмдүү. Мегаструктурализмдин архитектурасын көнүмүш туруктуу архитектурадан *төмөнкүдөй мүнөздүү айырмалыктар* айырмалап турат 1) күндүн жарыгына жана шамал режимине ыңгайлашуу максатында имараттын дайыма өзгөрүп турууучу формасы; 2) куруунун динамикалык методу ийкемдүүлүктү, динамикалуулукту жана трансформацияга жөндөмдүүлүктү; камсыздоочу жеңил металл материалдардан чогултулган элементтер колдонулат; 3) заманбап технологиялар экологиялык талаптар менен айкалышы. мегаструктурализмдин жаркын өкүлдөрүнө М. Николетти, Д. Фишер, В. Павар, Кр. Баудер, Кр. Перстл ж.б. кирет.

«***Кибертектура***» – бул кибернетиканын мүмкүнчүлүктөрүнөн түрткү алган жана архитектуралык объекттерди жаратуучу, интеллектке ээ чыгармачыл метод. Бул тармакта өзгөчө популярдуулук менен Джеймс Лоунун эмгектери колдонулат. Жаңы «интеллектуалдык архитектура» жогорку даражадагы автоматизация, орнотулган маалыматтык көзөмөлдөө система



жана энерго-камсыздоо менен айрымаланат. XX к. интеллектуалдык, мобилдик иштелмелерди, б.а. кибернетикалык архитектуралык Г. Пас, Б. Фуллер, «Архигрэм» топ, К. Прайс, В. Броуди, Д. Фрейзер жүргүзүшкөн.

Жаңы кибертектуралык архитектуранын жаңы концепциясынын башкы өкүлү Дж. Лоу долбоорлоого концептуалдык жаңы ыкма иштеп чыккан – *кибертектуралык долбоорлоону өнүктүрүүнүн стратегиясын*, интеллектуалдык жана мультимедиялык системаларды, экологиялуулукту, интерактивдүүлүктү, футуристикалык архитектуралык формаларды жана чечкиндүү инженердик чечимдерди айкалыштыруучу ыкмаларды түзгөн.

***«Технологиялык хай-тек»*** – бул жаңы технологиялардын негизинде жаңы транспорттук курулмалардын архитектурасын, ошол эле учурда анын максималдуу каныккан электрондук-маалыматтык коммуникациялар менен өнүктүрүүчү багыт. Бул багытта архитекторлор
Э. Бромберг, М. Фуксас, Р. Колхаас, Р. Виньоли ж.б. иштешет. Технологиялык хай-тек архитектурасынын башкы мүнөздүү айырмасы - транспорттук курулмалардын таанымал образдарын четке кагуу жана түшүнүү менен мурдагыларга, архитектуралык форманын диаметралдуу карама-каршы түрүнө карама-каршы коюу. Технологиялык хай-тек үчүн гиганттык, адамга өлчөмдөрү тең келбеген объекттер мүнөздүү. Булар бирдиктүү план боюнча курулуучу өтө ири курулмалар. Бекет өзүнчө бир бардык атрибутикалары менен *кичине шаарча* – спорттук аянтчалары, турак-жай үйлөрү, мейманканалары, кеңселери, соода борборлору, парктары, көлмөлөрү, метрополитен сызыктары жана автоунаа жолдору ж.б.

***«Тоталдык бионика»*** – бул активдүү жана пассивдүү режимде жеткиликтүү иштөөчү архитектуралык организмдерди түзүүчү концепция. Табийгый жаратылыштын өсүмдүктөрү жана элементтери архитектуралык объекттин мейкиндиктерине тоталдуу сүңгүп кирүүсү мүнөздүү. Тоталдык биониканын түптөөчүсү болуп Кен Янг эсептелет, анын идеяларын Н. Фостер, Р. Пиано, Р. Роджерс, В. Каллебаут, Б. Смарт, Н. Гримшоу, М. Николетти колдошот жана өнүктүрүшөт. *Тоталдык биониканын архитектурасы төмөнкүдөй ыкмалар менен мүнөздөлөт*: 1) энергосактоочу ресурстарды жигердүү колдонуу; 2) кайра калыбына келүүчү энергиянын булактарын колдонуу; 3) архитектуралык объект биосферанын бирдиктүү жана ажырагыз бөлүгү катары каралууда; 4) жаратылыш элементтерин, бактар, бадалчалар, чөп, чапталма чөп ж.б. колдонуу; 5) конструкциялардын техникалык дааналыгы, жаңы технологияларда жана курулуш материалдарды колдонуу менен; 6)«чогултма секциялары» ийилме, жеңил, жана эркин алмаштырылуучу конструкциялар жана элементтер иштеп чыгуу менен курулуш аянтында тез жана жөн орнотулат.

«***Антигравитациондук архитектура***» – бул таянычсыз, салмаксыз архитектуралык объекттерди түзүү концепциясы, жер үстүндө каалгууга жана учууга жөндөмдүү.Тартылуу мыйзамдарына баш ийбеген түзүлүүчү архитектуралык объекттер концепцияга толугу менен жөнөкөйлөтүлгөн форманы алып келет. Форма, кысуу функциясынан, сызыктуу геометриянын мыйзамдарынан жана тартулуудан, эркин, эфемердүү, мобилдүү жана динамикалуу. Мындан сырткары антигравитациондук архитектура маданий контексттер менен өз ара байланыштарды жактырууну тандоодо көз

карандысыз. Антигравитациондук архитектура заманбап архитекторлордун чечкиндүү долбоорлорунда жана ойлорунда өз жашоосуна ээ болууда Вэй Зао, В. Каллебаут, А. Асадов, Э. Ч. Вай Тат, Тао Хуанг, Ксу Лянг Чанг, Чангки Юн ж.б.

**Искусство жана техниканын синтези**. Архитектуралык техницизм ийкемдүү техниканын тили пластикалык искусствонун тили менен айкалыштырат, ушул синтездин жыйынтыгында архитектуралык техницизмдин жаңы көркөм образы жаралат, «техноэкспрессионизм» концепциясы деген аталышка ээ болот.

***Техноэкспрессионизм»*** – бул архитектуранын багыты, 20-ж. экспрессионизмдин жана 60-ж. техницизмдин идеяларына таянып техникалык-коммуникациондук курулмаларды моделдейт, алардын конструкциясын, үч өлчөмдүү формаларын жогорку көркөм дааналыкка жана уникалдуулукка жеткирет. Бул багыттагы архитекторлор архитектуралык композициянын методдорунун жардамы менен транспорттук курулмаларды терең мазмундуулук, көркөм-эстетикалык дааналык жана семантикалык каныккандык менен толтурууга аракет кылышат. Хай-тектин бекем жана катуу конструкцияларынын формалары трансформацияланып жана модификацияланып, техноэкспрессионизмдин концепциясында пластикалуулук, жеңилдик, гармоникалык жана живописттүүлүк мүнөзгө ээ болот. Бул мотивдер инженердик-техникалык объекттеринде С. Калатрава, Б. Чуманын, Н. Фостердин ж.б. басымдуулук кылуучу болуп калууда.

Экинчи главда каралган XXI к. чыгармачыл концепциялардын анализинин жыйынтыктарын жалпылоо менен төмөндөгүдөй **кортундуларды** чыгарууга болот:

1. Жаңы миң жылдык архитектуранын аралык тармактар менен өсүшү жана көп образдык өз ара мамилелеринин кеңейиши менен – искусство, фундаменталдык илим жана техника, экология, информатика ж.б., менен, алардын арасындагы чек аранын жоюлушу менен, идеялардын төгүлүшү жана бирдиктүү өнүгүү сызыгынын жоктугу менен мүнөздөлөт. Жаңы авангарддык архитектуранын көп векторлуу мейкиндигинде бул изилдөөдө каралган стратегиялык багыттарды белгилөөгө болот, биринчиден, искусстводогу революциялык өзгөрүүлөрдүн таасиринде түптөлгөн архитектуралык концепциялар, экинчиден, инновациялык технологияларды жана техникалык иштелмелерди киргизүүгө багытталган концепциялар, үчүнчүдөн, ички кесиптик өзгөрүүлөрдү чагылдыруучу концепциялар.

2. Архитектурадагы көркөм багыттарды генерациялоого түрткү болуучу авангарддык искусствонун креативдүү идеяларын шарттуу төмөнкүдөй топторго бириктирүүгө болот: а) ***көркөм-сүрөт искусствонун концепциялары*** (гиперсупрематизм, неосупрематизм, сюрреалисттик архитектура-скульптура, экспрессивдүү структурализм); б) ***пластикалык искусствонун концепциялары*** (темпоралдык гротеск, антропоморфдуу метафора); в) ***дизайн концепциялары*** (архитектура-чыгарма, эзотерикалык шрифттик символизм); г) ***көркөм форма концепциялары*** (архорганика, гомогендик фракталдуулук, итерациондук форма, акваархитектура).

3. Жаңы авангарддын техникалык багыттары өз идеяларын чыгармачыл чеберчиликтин жаратылышынын ичинен албайт, өз көз карандылыгын сырткы факторлордон көрсөтүшөт (техника, дизайн, технологиялардын, илимдин,



социалдык-саясий жана экономикалык процесстерди өнүктүрүү), ошондуктан мындай архитектура оригиналдуу авангарддык ой-жүгүртүүлөрдү ишке ашыруунун каражаты катары болуп калууда.

Архитектурага техникалык идеялардын тоталдуу сүңгүп кирүүсүн эки топко бириктирүүгө болот:

а) ***архитектуралык үстүңкү беттердин формаларын генерациялоо*** (атектоникалык кабыктар, темпоралдык бүктөлүү); б) ***техницизмдин архитектурасына антропогендик детерминизмдин таасири*** (мегаструктурализм, кибертектура, технологиялык хай-тек, тоталдык бионика, антигравитациондук архитектура). ***Искусство жана техниканын багыттарын синтетикалык кошуу*** авангард архитектурасында келечек интеграциондук процесстер тууралуу, техноэкспрессионизмдин концепциясын көрсөткөнүн айтып турат.

4. Авангарддык архитектуранын архитектуралык формаларын түзүүнүн типтүү методдору болуп: биринчиден, топологиялык методду колдонуу – ар түрдүү багыттагы күчтөрдүн таасири астындагы жөнөкөй геометриялык формаларды кайра түзүү (чоюу, ийүү, толгоо, кысуу ж.б.).Экинчиден, жаратылыштын морфогенез принциптерин колдонуу - философиялык-социалдык идеяларды жана аларды архитектуралык объекттин моделине киргизүү.Үчүнчүдөн, параметризмдин принцибин колдонуу–киргизилген параметрлерге жана компоненттерге ылайык өзгөрүүчү жана токтоосуз кайра түзүүчү форманы тургузуу. Төртүнчүдөн, комплекстүү өзүн-өзү уюштуруучу жана өзүн-өзү жөнгө салуучу интеллектуалдык системаны түзүүгө багытталган кибернетиканын принциптерин колдонуу эсептелет.

**«Авангарддык архитектуранын типологиялык анализи» аталыштагы үчүнчү главасында** абсолюттук жаңы типтердин пайда болушу, ошондой эле мурда бар болгондордун өзгөрүүсү каралат. Бүгүнкү күндө искусство жана технология тармагындагы революциондук өзгөрүүлөр, маданият таануу, семиотика, экология, психология, социология ж.б. тармагындагы билимдерди түшүнүүгө кайрылган кесиптик аң-сезимдин багытын кайра өзгөртүүгө алып келди. Аксиологиялык орнотмолордун өзгөрүүсү алмашуучу жалпы коомдук өнүгүүнүн тенденцияларына ылайык бар болгон типологиялык курамды сапаттуу кайра түшүнүүгө жана жаңы типтердин пайда болушуна жана бар болгондорду конструктивдүү тереңдетүүгө алып келди.

**Имараттардан жаңы типтеринин жана архитектуралык түзүлүштөрдүн пайда болушу.** Архитектуралык типология кесиптик тармакта болуп жаткан өзгөрүүлөргө жоопсуз калтырбайт, ошондуктан өткөн кылымдагы 90-ж. баштап объекттердин типологиялык катары алгылыктуу өзгөрүүлөргө туш болгон. Бул процесс жеткиликтүү интенсивдүү XXI к.башында уланган. XXI к. жаңы архитектуралык типтер–космодромдор, жасалма аралдар– мурдагы композициондук канондорго туура келбейт.

***Космопорт*** – бул архитектуралык курулманын жаңы тиби, космостук техниканын жана технологиялардын өнүгүүсү менен байланыштуу пайда болгон жана жаңы кылымдын керектүү транспорттук түйүнүнө айланууда. *Жаңы архитектуралык типтин мазмунун* космостук хай-тектин концепциясын футуризмдин жана космизмдин идеяларынын негизи болгон, жогорку техникалык дизайн жана көлөмдүү илимий эксперементтердин айкалышында

ачат. Берилген типтеги архитектураны түптөөнүн негизги шарттарын ачуучу, айрым бир алгылыктуу мүнөздөмөлөрүн карап көрөлү. Космопорттор обочолонгон территориядагы жайгашуусу керек, жеткиликтүү кумдуу жерде, калк жайгашкан жер менен ыңгайлуу транспорттук байланышы болушу абзел. Ошондой эле аэропорттун жана космодромдун бириккен терминалдарын функционалдык, пландоо жана технологиялык талаптарын эске алуу менен орнотуу сунушталат.

Космопорттун *көлөмдүк-мейкиндик чечимдер* болушу зарыл: 1) адамга айлана-чөйрөнүн терс таасирин жок кылуу; 2) энергиянын ар түрдүү булактарын колдонуу жана генерирлөө мүмкүнчүлүктөрүн алдын-ала кароо;3) заманбап форма түзүүнүн идеалы катарында космостук аппараттардын образдарын колдонуу; 4) чөйрөнүн өзгөрүүсүнө жана адамдын талаптарына өз алдынча реакция кылууга жөндөмдүү архитектуранын интеллектуалдык, кибернетикалык принциптерин колдонуу; 5) ирилештирилген көрсөткүчтөрдө ички мейкиндиктердин аянттарын жана габариттерин эсепке алуу. Космодромдун архитектурасында архитектуранын классикалык атрибуттары жок, мисалы, классикалык масштабдуу көрсөткүчтөрдү унутууга ачык эле аракет жасалганы бар, аны антропологиялык мүнөздөмөлөрү же жаратылыш объекттерин масштабы менен аныктоого мүмкүн эмес. Космопорттордун *композициясында* борборлоштурулган, ошондой эле павильондук пландоо схемалары колдонулган. Авангарддын принциптери толук масштабдуу XXI к. жаңы архитектуралык типте түзүлгөн жасалма аралдарды уюштурууда жана курууда ишке ашырылган. ***«Суудагы архитектура»*** типологиясы сүзүүчү түзүлүш түрүндөгү архитектуралык объекттер же стационардык жасалма аралдар, ачык акваторияда курулган (деңиздер, көлдөр, дарыялар) жана ар түрдүү материалдардан салынган (кум, муз, аскалардын сыныктары, таштар ж.б.) курулмаларды бириктирет.

Жасалма аралдар, т.а.«суудагы архитектура» эң ар түрдүү функцияларды аткарат жана эң ар түрдүү варианттардын топтомуна ээ: шаар шаарда; ишкер район; жогорку комфорттук деңгээли менен айырмаланган турак-жай; маданий жана туристтик борборлору, курорттук отелдери, конгресс-жана конференц-отелдер, көңүл ачуу борборлору, музейлер, концерттик залдар, парктар ж.б.;соода борбору; элиталык айыл; көп максаттуу транспорттук түйүн (аэропорт, деңиз порту ж.б.); ошондой эле ушул варианттардын ар түрдүү айкалыштары мүмкүн. «Суудагы архитектуранын» жашоо-тиричилигин камсыздоо үчүн ээ болушу: 1) коопсуздук; 2) тиричиликтин комфорттуу чөйрөсү; 3) универсалдуу курам; 4) функциялардын ийкемдүү алмашуу шарттарын камсыздоо; 5) латенттүүлүк принципине ээ болуу, б.а. функционалдык, пландоо курам жана потенциалдуу керектөөчүгө багытталган образдуу чечим; 6) аралдын мейкиндиги бирдиктүү универсалдуу моделдин негизинде уюштурулат.

**Имараттардын типтеринин модификациясынын трансформациясы.** Архитектуралык объекттерди убактысы боюнча кайра өзгөртүү жана жаңылоо адамдардын жашоо-турмушун жакшыртууга түрткү болот. Бар болгон имараттын типтеринин көрүнүшүн өзгөртүү жаңы пландоо, көлөмдүү жана конструктивдүү моделдер менен байланышкан. Бул процесстин негизги мүнөзү: жаңы форма түзүүнүн методдору, пландоо чечимдеринин



диверсификациясы, технологиялардын экологизациясы; конструкциялардын мобилдүүлүгү; жаңы конструктивдүү схемалар; архитектуралык-курулуш блоктордун жана түйүндөрдүн номенклатурасынын ар түрдүүлүгү; илимий инновацияларды, жаңы курулуш материалдарынын иштелмелерин киргизүү, ж.б. байланышкан. Авангарддык архитектура шаардык чөйрөдө ачык, эффективдүү, образдык визуалдуу доминант маселелерин чечет, бул ***мунаралык курулмалардын архитектурасынын түр өзгөрүүсүнө*** алып келет. Бийик курулмалардын форма түзүүсү масштабдуу параметрлерге ээ, мунаралык көлөмдүн өзгөчө морфологиясында тик, курч динамикалуу кыймылды иштетүүгө негизделген (төмөндөгү архитекторлордун долбоорлору жана курулуштары Э. Смитт, Г. Джилл, Ш. Дорин, Н. Карам, В. Каллебаут ж.б.). Жаңы мунаралык архитектуранын мазмундук жактарын *мунаралык архитектураны* түзүүдө жаңы мүнөздөмөлөрдү кароочу «дигиталдуу вертикализм» концепциясы ачат:1) мунаралык курулмалардын канондук архетиптеринен баш тартуу (үч бөлүктүү тик бөлүү цоколь, ствол, фонарь), алардын морфологиясын кандайдыр бир кошулган жана монолиттүү деп чечмелөөгө мүмкүндүк берди, ал эми маани түзүүчү ферменти болуп үстүңкү беттердин чыңалуусу эсептелет; 2) гравитациялык күчтөр «демонстративдүү» чыңалуунун эсебинен консолдордун, кеңейтүүнүн, илүүлөрдүн жана башкалардын жардамы менен мунаранын ар түрдүү деңгээлдеринде өзүнчө бир «жаңы», архитектуралык тетиктер менен баса белгиленет; 3) жогору жакка умтулган үстүңкү беттер октон ж.б чыгууга умтулуу менен мелдештик-ритмикалык кыймылда турушат.

Жалпылап айтканда, мунаралык курулмалардын үч типтери бар: 1) классикалык курч учтуу мунара (мисалы, Дубайдагы «Бурдж Халиф» Джиддагы« Королдун мунарасы»; Сеулдагы «Сеул мунарасы» ж.б.); 2) асман тирегичер, өз архетибин четке кагуучу жана талкалоочу (алар они имеют парадоксалдуу тик конфигурацияга жана силуэтке, радикалдуу альтернативдүү мейкиндик морфологияга ээ, мисалы, «Турбо-сити»долбоор, Тайвань үчүн «Тайчжун мунара» Штефан Дорин ж.б.); 3) «утопиялык» асман тирегич (жеке эле бийиктиги менен гана эмес, ошондой эле терең руханий мазмуну, гумандаштырылган айлана-чөйрөсү менен мүнөздөлөт, мисалы, Нью-Йорк үчүн «Стрекоза» тик ферманын долбоорлору, В. Каллебаут; Дубай үчүн «Булутуу мунара » Н. Карама ж.б.).

Көркөмдүүлүктү, комфорттуулуктун деңгээлин жана дааналыкты жогорулатууга авангарддык умтулуу ***өтмө көпүрөнүн архитектурасынын эволюциясын*** чакырып, архитектуралык мейкиндиктин татаалдыгына жана масштабдуулугуна алып келүүдө. Азыркы учурда биринчи планга анда мындайча сапаттар берилет:1) конструктивдүү чечим менен шартталган курулманын фантастикалуу дизайны; 2) эс алуу жана бош убакытты өткөрүү борбору катарында көпүрөнү кеңирирээк көп функционалдуу колдонуу. Шаардык чөйрөдө жөө жүрүүчүлөрдүн мейкиндиктеринин (көпүрөлөр, аянтчалар) типологиясын жана архитектурасын түзүүчү обочолонгон, комфорттуу жагдайды *макроперсонализм* концепциясы ачат. Өтмө көпүрөлөрдүн төмөндөгүдөй түрлөрүн белгилесе болот: 1) **көпүрө-көчө** – ачык созулган мейкиндик каптал тараптары боюнча кошумча тейлөө объекттери жайгашкан; 2) **көпүрө-бульвар** – созулган жөө жүрүүчүлөрдүн зонасы

жашылдандыруу аймагы менен айкалышкан, эки тараптары боюнча инфраструктура объекттери жайгашкан; 3) **көпүрө-имарат** – жабык компакттуу жана чектелген мейкиндикте жөө жүрүүчүлөрдүн аллеясы жана тейлөө функциялары айкалышкан; 4) **көпүрө-аянт** –периметри же борбору боюнча кеңейтилген мейкиндикте кошумча тейлөө объекттери жайгашкан. 5) **көпүрө-шаар**–борбордук жөө жүрүүчүлөр мейкиндиги ачык жана жабык кошумча объекттердин мейкиндиктери менен айкалышат, коммуникациондук кошумча объекттердин мейкиндиктери менен айкалышат, коммуникациондук өтмөктөрдүн жайылган түйүнүн түзүү менен түзүлөт. 6) **көпүрө-аттракцион** –коммуникативдүү менен катар маданий-көңүл ачуу функцияны айкалыштырат. Авангарддык архитектуранын көрүнүктүү архитектуралык образдарды, курулуштарды, ландшафттарды түзүүгө умтулуусу, тематикалык парктарды өнүктүрүү идеясына алып келди. Алар масштабдуу мультимедиялык курамдар менен байышат.

«*Жаңы парктык архитектуранын*» концепциясы төмөнкүлөрдү камтыйт:1) адамдын интерактивдүү ишмердүүлүгүн; 2) жогорку технологиялык театралдаштырылган чөйрөнү; 3) көп сценарийлүү мейкиндик курамды; 4) тыгыз объекттик каныккан композицияларды кескин өзүнчө бөлүнгөн территорияда жайгашкан. «*Жаңы парктык архитектура*» виртуалдуу реалдуулукту визуалдаштырып жана моделдөө менен, татаал күрөнүшкө айланууда, ошол эле учурда алар:1) социалдык буйрутманы көздөгөн, реалдуу урбанизацияланган чөйрөнүн объекти; 2) башка көркөм-эстетикалык идеалдарды чагылдыруу үчүн мүмкүнчүлүктөргө ээ искусство объекти; 3) үзгүлтүксүз жаңылануунун динамикалык процесси токтобой жана ишке ашыруучу функциялардын дайыма кеңейүүсү жүрүп турган мейкиндик; 4) жогорку технологиялык, интерактивдүү объект, жаңы илимий-техникалык жетишкендиктер киргизилет жана колдонулат. Азыркы учурда парк деп адамзат маданиятынын артефакттарынын жардамы менен түзүлгөн, эс алуу үчүн кандайдыр бир метафориялык жасалма чөйрөнү түшүнүшөт.

Суу астында иштей турган архитектуралык объекттерди жана системаларды түзүү идеясын, ошондой эле жаңы авангард ишке ашырган, бул болсо **суу астындагы курулмалардын типологиясынын анализин** жүргүзүүгө мүмкүндүк берди. Азыркы учурда суу астындагы шаарларды, турак-жай курулмаларды, мейманканаларды, илимий-изилдөө комплекстерди, кайра иштетүүчү өндүрүштү камтыган суу астындагы курулмалардын бутакталган типологиясы эчак эле пайда болгон. ***Суу астындагы шаарлар*** адамдын суу астында болуу чөйрөсүн, адамдардын бардык жашоо-тиричилик ишмердүүлүгүн жана шаардын кызмат аткаруу аспектисин кошуу менен карайт. Суу астындагы курулушту максаттуу жүргүзүү үчүн негизги плацдаштырылган чектөөлөрдү аныктоо жана территорияны өнүктүрүүнү максаттуу жүргүзүү максатында шаар куруу анализин өткөрүү зарыл жана төмөнкүдөй изилдөөлөрдү камтыйт: 1) жаратылыш шарттарын жана керектүү ресурстарды; 2) технологиялык мүмкүнчүлүктөрдү; 3) суу астындагы шаардын территориясын өнүктүрүүнүн демографиялык кырдаалында, экономикалык базасында калктын эмгекке тартылуусун аныктоо.

Мындайча зарыл суроолорду чечүү талап кылынат:1) комфорттуу жашоонун шарттарын түзүү үчүн жаңы тиричилик чөйрөсүнө көнүүчү пландоо чектери. 2) территориалдык ресурстардын анализи; 3) керектүү турак-



жай фонду жана тейлөө объекттери; 4) конструктивдик схемаларды, курулуш материалдарын жана технологияларын тандоо; 5) керектүү транспорттук жана инженердик инфраструктура ж.б..

***Суу астындагы шаарлар*** *ээлеген орду боюнча* ***классификацияланышы мүмкүн***: стационардык жана мобилдик; *чөмүлүү деңгээли боюнча:* айрым бөлүктөрү суу астында, толугу менен суу астында, комбинирленген; *тереңдикти өздөштүрүүсү боюнча:* тайыз жерлерде же өтө тереңдикте жайгашкандар. ***Суу астындагы мейманканалар*** деңиз тереңдиктеринде, жер үстүндөгү ишканалар сыяктуу *комфорт деңгээли, сыйымдуулугу, багыты, кабаттуулугу боюнча,* ошондой эле *чөмүлүү деңгээли боюнча айырмаланышат* (толугу же айрым бөлүктөрү менен). Азыр жогорку класстагы суу астындагы отелдер курулууда, көп функционалдуу багыттагы конгломерат сыяктуу, аларга мүнөздүү репрезентативдик көлөмдүн чоңоюшу үчүн жана тейлөөчү бөлмөлөрдүн багыттары менен берилүүдө. Суу астындагы отелдердин *архитектуралык-пландоо композициясы* негизинен отелдин суу астындагы жандуу тобунан жана суу үстүндөгү коомдук бөлмөлөрдүн тобунан турат. Турак-жай жана коомдук бөлүктөрдү жайгаштыруунун эки пландоо схемалары колдонулат - бир же ар түрдүү имаратта, бирок бири-бири менен корпустар менен байланышкан.

*Мейманкананын кызмат-чарбалык бөлүгүнүн тобу,* салттуу функциялардан сырткары отелдин суу астындагы бөлүгүнүн иштешин көзөмөлдөө системасын, электроэнергияны иштеп чыгуу, абаны тазалоо, деңиз суусун тузсуз кылуу системаларын бириктирет. *Коммуникациялар тобу* ошондой эле кыймылдуу тротуарларды, бириктирүүчү туннелдерди, тик жана жантайыңкы лифттерди ж.б кошот. *Турак-жай топтор номурун пландоо,* ошондой эле өз спецификасына ээ: суу астындагы дүйнөгө көбүрөөк конокторду киргизүү үчүн тосмо катарында максималдуу айнек колдонулат – өзүнчө герметриялык капсула түрүндө *номер-аквариум* түзүлөт.

***Суу астындагы кайра иштетүүчү өндүрүштөр*** төмөндөгүдөй мүнөздөмөлөр менен айырмаланышат:

1) *архитектуралык-пландоо композициясы* камсыздайт: ийкемдүү пландоо схеманы, конструктивдүү курамдын мобилдүүлүгүн; траспорттук-коммуникациондук, турак-жай жана илимий-изилдөө зоналардын интеграциясын; архитектуралык формалардын өзгүрүлмөлүүлүгүн жана агымдуулугун; архитектуралык образдардын ар түрдүүлүгүн;

2) *маалыматтык-коммуникациондук системалар* аткарышат: туристтер үчүн экспозициялар катарында өндүрүштүк процессти уюштуруу; пикир алышууга түрткү болуучу «кесилишүү чекиттерин» уюштуруу, (кафетерийлер, атриумдар, кышкы бакчалар ж.б.);

3) *экологиялык:* таштандынын калдыктарын кайра иштетүү жана колдонуу (биореакторлор, сир-лифттер, сортировкалоочу жана кайра иштетүүчү цехтер ж.б.); автономдук технологияларды өнүктүрүү (күндүн, шамалдын, агымдардын энергиясын колдонуу;калдыксыз; абаны регенерациялоо жана желдетүү системасы, деңиз суусун тузсуз кылуу ж.б.)

Жогоруда айткандардан улам төмөндөгүдөй **корутундуларды** чыгарса болот:

1. Глобализм кубулуштары менен чакырылган ички архитектуралык өзгөрүүлөр, архитектуралык типологиянын өзгөрүүсүнө алып келгендиги аныкталган, алар төмөнкүчө берилген: а) ***имараттардын жаңы типтеринин жана архитектуралык түзүлүштөрдүн пайда болушу*** (космопорт, жасалма аралдар); б) ***бар болгон имараттардын типтеринин модификациялары жана трансформациялары*** (мунаралык архитектура, өтмө көпүрөлөр, суу астындагы архитектура, жаңы парктык архитектура).

2. Глобализмдин шартында архитектуралык практикада жаңы авангарддык тенденциялар аныкталган, бир жагынан алдыңкы технологиялар жана техниканы идеализациялаштыруу жана романтизациялаштыруу менен байланышкан, экинчи жагынан экологиянын идеяларын жетекчиликке алып, табийгый жана жасалма чөйрөнүн симбиозуна жетүүгө умтулушат.Бул умтулуулар жаңы архитектуралык типтерде ишке ашырылган –жаңы транспорттук түйүн (космопорттор); жаңы территориалдык ресурстар – жасалма аралдар.

3. Бар болгон архитектуралык типтердин түр өзгөртүүсү аныкталган, төмөндөгү маселелерин чечүүгө чакырылган: 1) ачык көрүнүктүү көркөм образдарды түзүү (мунара курулмалар, өтмө көпүрөлөр); 2) көрүү-театралдаштырылган чөйрө түзүү (жаңы парктык архитектура); 3) жаңы архитектуралык чөйрөнү өздөштүрүү (суу астындагы курулмалар).

4. XXI к. авангарддык архитектуранын принциптери аныкталган, ал мурдагыдай эле архитектуралык формалардын антропоморфизмин жеңүүгө жана чыгармачылыктын синтетикалык тилин иштеп чыгууга умтулат; полемикалык концептуалдуулук жана архитектуралык багыттардын лидерлеринин авторитардык чыгармачыл позициялары менен мүнөздөлөт; архитектуралык композициянын форма түзүү процесси менен гармонизация категорияларын алмаштырууга багытталган; форманын категориясынан эстетиканын фундаменталдык түшүнүктөрүн мейкиндик өз ара байланыштарынын көрсөткүчтөрүнө жана форманын элементтеринин технолгиялык сапаттарына жылдыруу менен; архитектуралык тектониканын антигравитациялык моделдерин иштеп чыгат.

**«Борбордук Азиянын архитектурасындагы жаңы тенденциялардын байкалышы»** аталыштагы төртүнчү главада жаңы архитектуранын бирдей эмес таркалуу тезисинен улам, анын берилген аймакта бар болуусунун өзгөчөлүктөрү каралууда. Борбордук Азиянын жаңы эгемендүү өлкөлөрүнүн архитектурасы бул аймакта өтүүчү жалпы процесстердин таасири астында түптөлөт. Учурда Борбордук Азия глобализациянын чакырыктарын өзүнө кабыл алууда жана дүйнөлүк өнүгүүнүн маанилүү тенденцияларына кошулууга аракет жасоодо. Бирок ар башка экономикалык түзүлүш, б.а. бир жагынан диспропорция (советтик экономикадан чыккан жаңы мамлекеттер), экинчи жагынан консервация (Иран жана Афганистан башкаруунун мүнөздүү диний формасы менен), глобализациянын позитивдүү таасирине тоскоолдук кылууда жана өзүнүн өнүгүү жолун табуу зарылчылыгы тууралуу суроолорду коюуда. Борбордук Азия, көчмөн маданияттын тарыхый ата-мекени катарында, башка цивилизациялардан айрымаланып ачык, өлчөмсүз темпоралдуулукка ээ. Бул Борбордук Азияга мүнөздүү генетикалык феномен, жаңы технологиялардын жана коммуникациялардын кылымында башка маданияттар



үчүн да талаптуу болууда. Жалпысынан, азыркы учурда жаңыча өзүн-өзү түшүнүү жана жаңы окшоштук издөө, көптөгөн кылымдар ичинде маданий ландшафттын образын түзүүчү, тарыхый сактоочу катарында, жашоо-тиричилик чөйрөнүн салттуу сапаттарын көнүмүш баалуу талаптар менен айкалыштыруучу, ошондой эле архитектурада жүрүүчү жаңы процесстерге багыт алуу жүрүп жатат деп айтууга болот. Окшоштук, каныккан архетипикалык образдар менен имманенттүү катышуучу, жаратылыш феномендери жана архитектуралык артефакттар менен локалдуу маданий чөйрөдө, архитектурага болгон техногендик факторлордун жана санарип технологиялардын таасирин кармоо менен жалпылоо процесстерине жана архитектуралык формалардын универсализациясына карама-каршы турат. Борбордук Азия аймагынын жаңы архитектурасынын жаңы көркөм тилин табууда алгылыктуу мааниге курчап турган айлана-чөйрөнү стабилдүү өнүктүрүүнүн камсыздоочу, жаңы экологиялык жана энергия сактоочу технологиялдарды колдонуу менен, урбанизирленген мейкиндикти коэволюциондуу туруктуу өнүктүрүүнүн багытына ээ.

**Борбордук Азиянын жаңы архитектурасындагы авангарддын мейнстрими** искусстводогу авангарддык багыттардын жана архитектурадагы техниканын ишке ашырылышы көз-карашында каралат. Борбордук Азиянын өлкөлөрүндө прототипикалык үлгүлөргө ээрчүүгө консервативдүү берилүүгө эксплициттүү бар, бир жагынан - бул кылымдар бою топтолгон композициондук-пландоо ыкмаларга, стилистикадык методдорго жана конструктивдүү схемаларга ээрчүү, экинчи жагынан – бул модернизмдин прициптерине долбоорлоонун катуу функционалдык-догматикалык ыкмасы менен ишенүү.

Долбоорлоонун салтуу формаларына таянууга карабастан, ал жакта да жайбаракат глобализациялык процесстердин таасири астында, жаңы архитектуралык формалардын моделдөөсү менен коштолуучу, прототипитик үлгүлөрдүн төмөндөөсү байкалууда. Борбордук Азия, өзүнүн консервативдүү жана канондук талаптарына карабастан, жогорку технологиялардын, техниканын жана курулуш материалдардын мүмкүнчүлүктөрүн чагылдыруучу, авангардизмдин дүйнөлүк процесстерине тартылып калууда.

Борбордук Азиянын ***архитектурасындагы искусствонун авангарддык концепциялары*** форма түзүүнүн принципиалдуу өнүктүрүүчү жаңы ыкмалары салттуу стереотиптер менен конфронтациялык карама-каршылыкка чыгуу менен, негизинен декларация катарында чыгуучу жаңы көркөм образдарды таркатуу менен, аймакта практикалык ишке ашырууну ала албай келүүдө. Борбордук Азиядагы ***«гиперсупрематизм»*** архитектурасынын мисалы катарында Захой Хадид тарабынан аткарылган «EXPO-2017» комплексинин сынактын долбоорун келтирүүгө болот. Өсүүчү кинетикалык кыймыл, турак-жай курулуштарынын көлөмү, ички короолордо тегерете топтолушкан, сындырылган каре, комплекстин территориясында дагы чоң динамизмге ээ болууда, сырткы күчтөрдүн таасири астында ийип жана үстүнөн басып, анын павильондору. Бошотулган энергия өз апогейине «Казахстан» павильонунда жетет, төрт кубаттуу «агымдар» менен жулунуп жана белгилик образ түзүп, борборду курчаган курулушуна туура төп келген. ***«Неосупрематизм»*** стилинде Астанадагы ишкердик борбор аткарылган, ага түз жантайыңкы

